**Төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө келишим түзүү жөнүндө**

# АЧЫК ОФЕРТА

Бул төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө келишим түзүү жөнүндө Ачык оферта (мындан ары текст боюнча – Оферта) жеке ишкерлерге/юридикалык жактарга (мындан ары Офертада жана тиркемелерде текст боюнча – Жабдуучу) даректелген жана «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары текст боюнча – Оператор) ушул Офертада каралган шарттарда жана тартипте төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө келишим (мындан ары Офертада жана тиркемелерде текст боюнча – Келишим) түзүү жөнүндө расмий ачык сунушу болуп саналат. Ушул Офертанын текстинде Оператор менен Жабдуучу чогуу айтылганда «Тараптар» деп аталышат.

Жабдуучунун төмөнкү иш-аракеттери Тараптар тарабынан төмөндө баяндалган шарттарды жана ушул Офертаны толук жана шартсыз акцепттөө фактысын тастыктоо катары таанылат:

1. Келишим ушул Офертада каралган шарттарда, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 394-беренесине, 395-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Оператор Жабдуучунун Келишимге кошулууга макулдугун камтыган ушул Офертаны кабыл алгандыгы жөнүндө жоопту (мындан ары Офертанын жана Келишимдин тиркемелеринин тексти боюнча – Акцепт) электрондук түрдө жана/же кагаз жүзүндө алган учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет. Электрондук түрдө түзүлгөн Акцептке Жабдуучу «O!Business» мобилдик тиркемесинде Оператор тарабынан белгиленген форма боюнча электрондук кол тамга менен кол коёт. Акцепт толук жана шартсыз болуп саналат, бул Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 399, 402-беренелерине ылайык Келишим түзүү үчүн зарыл болгон документтер Жабдуучу тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Оператордун ички ченемдик документтеринин талаптарына ылайык берилген жана/же Оператор тарабынан текшерилген шартта Жабдуучу ушул Офертаны түзгөнүн (кол койгонун) жана анын бардык шарттарын кабыл алганын билдирет. Акцепт Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат (ушул Оферта сыяктуу эле); же
2. Келишим ушул Офертада каралган шарттарда, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 399-беренесинин 3-пунктуна ылайык Жабдуучу «O!Business» мобилдик тиркемесинин системасында аралыктан идентификациялоодон жана верификациялоодон өткөн учурдан тартып; же
3. Жабдуучу ушул Офертада камтылган Келишимди аткарууга багытталган башка конклюденттик иш-аракеттерди жасаган учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет.

## 1. Терминдер.

**1.1. Эрежелер** – «О!Деньги» төлөм системасынын Эрежелери, алар Оператор тарабынан бекитилет жана учурдагы версиясы Оператордун www.dengi.kg интернет-сайтына (мындан ары – Сайт) жарыяланат. Эрежелер Келишимдин ажырагыс жана курамдык бөлүгү болуп саналат жана Тараптар тарабынан эч кандай алып салуусуз толук көлөмдө аткарылууга милдеттүү деп таанылат.

**1.2. Жабдуучу** – ушул Офертаны акцепттеген жеке ишкер же юридикалык жак.

**1.3. Жумуш күнү** – Кыргыз Республикасынын эмгек (өндүрүштүк) календарына ылайык жумушчу деп аныкталган, узактыгы Оператор же Жабдуучу тарабынан белгиленген белгилүү эмгек тартибине барабар болгон күн.

1.4. Бул Келишимде колдонулган башка терминдер жана аныктамалар, башкасы түздөн-түз каралган учурларды кошпогондо, Эрежелерде белгиленген маанилерине ылайык чечмеленүүгө тийиш.

## 2. Келишимдин жалпы жоболору.

2.1. Ушул Келишимге кол коюлган учурдан тартып Жабдуучу Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 387-беренесинин негизинде Эрежелерге толук жана шартсыз кошулат жана Жабдуучу Эрежелерде каралган талаптарга жооп берерин, Эрежелердин шарттары менен

таанышкандыгын жана макул экендигин тастыктайт жана аларды сактоого милдеттенет. Келишимге кол коюу менен Жабдуучу Оператор Эрежелерге жана Техникалык регламентке бир тараптуу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу экендиги менен таанышкандыгын жана макул экендигин тастыктайт, анын актуалдуу (колдонуудагы) редакциясы https://sandbox.dengi.o.kg сайтында жайгаштырылган (мындан ары – «Техникалык регламент»).

2.2. Эрежелерге ылайык, Жабдуучу Эрежелерге кошулуу жана «О!Деньги» Системасынын Жабдуучунун системалары менен интеграциялануу фактысы боюнча Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана Эрежелердин жоболорунда белгиленген талаптарга ылайык келгени Оператор тарабынан тастыкталган учурда, Тараптар «О!Деньги» Төлөм системасынын талаптарына ылайык келүү жана Системаны Жабдуучунун системалары менен интеграциялоо актысына кол коюшат.

**3. Келишимдин предмети.**

3.1. Оператор жеке өзү же агенттерди/субагенттерди тартуу менен Жабдуучунун тапшырмасы боюнча жана анын эсебинен Жабдуучунун алдында Төлөөчүнүн акчалай милдеттенмелерин аткаруу максатында, анын ичинде Жабдуучу тарабынан берилген жана Акцептте көрсөтүлгөн товарлар жана/же кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөнүн эсебине Төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча кызматтарды көрсөтөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган ар кандай жолдор менен (накталай, которуу, электрондук акча), ошондой эле башка төлөм системалары жана инструменттери, анын ичинде, карталардын ар кандай түрлөрү аркылуу төлөмдөрдү кабыл алууга жана Жабдуучуга которууга (же башка мыйзамдуу жол менен Келишимде каралган тартипте же Тараптар тарабынан кошумча макулдашылган тартипте Жабдуучу менен эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырууга) милдеттенет, ал эми Жабдуучу бул үчүн Келишимде жана/же анын тиешелүү тиркемелеринде/кабарлоолордо каралган тартипте жана өлчөмдө Операторго сый акы төлөп берүүгө милдеттенет.

3.2. Жабдуучу Оператордон Төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн кабыл алган учурдан тартып тиешелүү бөлүгүндө Оператордун Төлөөчүлөр алдындагы милдеттенмелери ошол эле учурда токтотулат. Оператордун банктык эсебинен Жабдуучунун пайдасына акча каражаттары которулган учурдан тартып Оператордун Жабдуучу алдындагы милдеттенмелери токтотулат.

3.3. Оператор кандай гана болбосун, Жабдуучу тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын/жеткирилген товарлардын мүнөздөмөлөрү, сапаты, шарттары жана алардын өз убагында көрсөтүлүшү/жеткирилиши үчүн Төлөөчүлөрдүн доо-талаптарын карабайт жана алар боюнча жоопкерчилик тартпайт.

3.4. Оператор менен Жабдуучунун ортосунда төмөнкүлөр боюнча кызматташуу шарттары:

3.4.1. Оператордун перифериялык жабдууларын пайдалануу менен төлөм карталарынын ээлерин тейлөө боюнча; эсептешүүлөрдүн тартиби, сатып алынган товарлар/көрсөтүлгөн кызматтар үчүн Оператордун ПОС-терминалдары аркылуу банктык төлөм карталарын пайдалануу менен накталай эмес төлөнгөн Төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн иштеп чыгууга жана Жабдуучунун эсептешүү эсебине чегерүүгө байланыштуу Оператор менен Жабдуучунун ортосунда келип чыккан эсептешүүлөр, укуктар, милдеттер, жоопкерчиликтер жана башка укуктук мамилелер Келишимдин №1 Тиркемеси менен жөнгө салынат.

3.4.2. Жабдуучунун бонустук программага катышуусу боюнча; Жабдуучунун товарлары/кызмат көрсөтүүлөрү, ошондой эле бонустук программага катышкан башка Жабдуучулардын товарлары/кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акы төлөөгө боло турган белгилүү бир өлчөмдө Төлөөчүлөргө Бонустарды берүү жөнүндө Тараптардын макулдашуулары Келишимдин №2 Тиркемеси менен жөнгө салынат.

3.4.3. Белек карталарын Оператордун тиркемесине жайгаштыруу боюнча; эсептешүүлөрдүн тартиби, Төлөөчүлөр тарабынан Белек карталарын сатып алууну тариздөөгө байланыштуу Оператор менен Жабдуучунун ортосунда келип чыккан укуктар, милдеттер, жоопкерчилик-тер жана башка укуктук мамилелер Келишимдин №3 Тиркемеси менен жөнгө салынат.

**4. Тараптардын укуктары жана милдеттери.**

4.1. <u>Оператор милдеттүү:</u>

4.1.1. Келишимдин 4.2.2 пунктунун жоболорун эске алуу менен, Жабдуучунун пайдасына Төлөөчүлөрдөн кабыл алынган акча каражаттарды (төлөмдөрдү) Жабдуучуга реестрдин маалыматтарынын негизинде, туруктуу бирдиктүү консолидацияланган төлөмдөр менен, бул төлөмдөр кабыл алынган күндөн кийинки 1 (бир) жумуш күндөн кечиктирбестен которууну жүзөгө ашырууга (эгерде Акцептте башкача каралбаса). Мында кабыл алынган төлөмдөрдү Жабдуучуга которуу боюнча Оператордун милдеттенмелери акча каражаттарынын тиешелүү суммасы Оператордун банктык эсебинен чыгарылган учурдан тартып аткарылды деп саналат;
4.1.2. Отчеттук айдан кийинки айдын 10 (онунчу) иш күнүнөн кечиктирбестен тиешелүү отчеттук ай үчүн эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актысын Оператор тарабынан белгиленген формада Жабдуучуга берүүгө;
4.1.3. Жабдуучу тарабынан иштелип чыгуучу Төлөөчүлөрдүн түзүлгөн арыздары жөнүндө макулдашылган байланыш каналдары аркылуу Жабдуучуга маалымдоого;
4.1.4. Кабыл алынган жана жүргүзүлгөн төлөмдөрдү карап чыгуу үчүн Жабдуучуга жеке кабинетине кирүү мүмкүнчүлүгүн ачууга;
4.1.5. Жабдуучунун кошумча суроо-талабы боюнча отчеттук мезгил үчүн кабыл алынган жана жүргүзүлгөн төлөмдөр боюнча күнүмдүк/отчеттук мезгил үчүн реестрлерди Тараптар тарабынан макулдашылган форматта жөнөтүүнү жөндөөгө;
4.1.6. Эрежелерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттерди аткарууга.
4.2. Оператор укуктуу:
4.2.1. Төлөмдөрү кабыл алууда жана жүргүзүүдө «О!Деньги» Системасынын ресурстарын колдонуу үчүн Төлөөчүлөрдөн өз пайдасына комиссияларды алууга, комиссиялардын өлчөмү Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат;
4.2.2. Жабдуучуга которулуп жаткан акча каражаттардан (төлөмдөрдөн) Оператордун сый акысын жана/же айыптык санкциялардын суммасын Келишимдин 7.2., 7.4., 7.10 пункттарына ылайык кармап калууга;
4.2.3. Офертанын жаңы редакциясын Оператордун сайтына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жайгаштыруу жолу менен ушул Келишимге жана ушул Келишимдин бардык тиркемелерине бир тараптуу тартипте өзгөртүүлөрдү киргизүүгө. Офертанын жаңы редакциясы Оператордун Сайтына жайгаштырылган күндөн тартып 10 (он) жумуш күн өткөндөн кийин ушул Келишимдин жана/же ушул Келишимдин тиркемелеринин Оператор тарабынан бир тараптуу өзгөртүлгөн шарттары күчүнө кирет. Жабдуучу ушул Келишимге жана/же ушул Келишимдин тиркемесине киргизилген өзгөртүүлөргө макул болбогон учурда, Жабдуучу ушул Келишимде каралган тартипте бул жөнүндө Операторго жазуу жүзүндө билдирүү менен бул Келишимди бузууга укуктуу. Эгерде Офертанын жаңы редакциясы күчүнө киргенге чейин Оператор Жабдуучунун Келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүсүн албаса, ушул Келишимдин жана/же ушул Келишимдин тиркемелеринин өзгөртүлгөн шарттары Жабдуучу тарабынан кабыл алынды деп эсептелет.
4.2.4. Ушул Келишимдин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенге чейин кеминде 10 (он) жумуш күн мурун Жабдуучуга жазуу жүзүндө же болбосо башка жеткиликтүү байланыш каналдары аркылуу электрондук түрдө (анын ичинде Жабдуучунун жеке кабинетинде мобилдик тиркеме аркылуу) билдирүү жолу менен ушул Келишимдин жана/же Келишимдин тиркемелеринин финансылык шарттарын бир тараптуу тартипте өз алдынча аныктоого, анын ичинде өзгөртүүгө. Эгерде ушул Келишимдин финансылык шарттарына киргизилген өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенден кийин Жабдуучу Төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча Оператордун кызмат көрсөтүүлөрүн колдонууну улантса, бул Келишимдин финансылык шарттарына киргизилген өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор Жабдуучу тарабынан кабыл алынды деп саналат;
4.2.5. Төлөөчүлөрдүн доо-талаптарын жабуу үчүн (алар бар болсо) Жабдуучуга алынган төлөмдөрдү толугу менен же жарым-жартылай төлөп берүүнү кечиктирүүгө;
4.2.6. Келишимде белгиленген шарттарда Тараптардын биринин демилгеси боюнча Келишим бузулган учурда Жабдуучуга акча каражаттарын которууну Жабдуучу тарабынан ушул

Келишим колдонулган белгилүү бир/бүткүл мезгил үчүн эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актыларына кол койгон учурга чейин токтотуп турууга;

4.2.7. Техникалык регламентти бир тараптуу өз алдынча аныктоого, анын ичинде техникалык регламентке өзгөртүүлөрдү киргизүүгө (Тараптар тарабынан Тараптардын Системаларын интеграциялоо жүргүзүлгөн учурда);

4.2.8. Ушул Келишимдин жана/же Келишимдин тиркемелеринин алкагындагы эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актыларын, кабарлоолорду (билдирүүлөрдү, доо-талаптарды ж.б.) Акцепттин реквизиттеринде көрсөтүлгөн Жабдуучунун электрондук почтасынын дарегине жөнөтүүгө. Ушул Келишимдин жана/же Келишимдин тиркемелеринин алкагындагы эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актыларын, кабарлоолорду (билдирүүлөрдү, доо-талаптарды ж.б.) Жабдуучунун дарегине ийгиликтүү жөнөтүү фактысы алардын алынгандыгынын фактысы катары таанылат. Ушул Келишимдин жана/же Келишимдин тиркемелеринин алкагындагы эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актыларын, кабарлоолорду (билдирүүлөрдү, доо-талаптарды ж.б.) алууга же алардын мазмуну менен таанышууга мүмкүндүк бербеген жана Оператор тарапта болбогон ар кандай факторлор, мисалы, интернетке туташуунун жоктугу, байланыштын резервдик каналдарынын жоктугу, кызматкерлердин бош эмес болушу жана башка факторлор Оператор тарабынан ушул Келишимдин жана/же Келишимдин тиркемелеринин алкагында кабарлоолордун (билдирүүлөрдүн, доо-талаптардын ж. б.) талаптагыдай эмес жөнөтүлгөнүнүн фактору болуп саналбайт, ошондой эле Жабдуучу тарабынан ушул Келишимдин жана/же Келишимдин тиркемелеринин алкагында эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актыларын, кабарлоолорду (билдирүүлөрдү, доо-талаптарды ж.б.) макулдашпоо үчүн негиз болуп саналбайт;

4.2.9. Эрежелерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарга ээ болууга.

4.3. <u>Жабдуучу милдеттүү:</u>

4.3.1. Операторго тиешелүү төлөмдүн жүргүзүлүшүнүн тууралыгына таасир этиши мүмкүн болгон төлөмдөрдүн параметрлериндеги жана форматындагы (өздүк эсептердин, контракттардын номерлеринин, телефон номерлеринин өзгөрүшү, көрсөтүлгөн маалыматтардын форматы ж. б.) өзгөрүүлөр жөнүндө мындай өзгөртүүлөр күчүнө кирген күнгө чейин 10 (он) жумуш күндөн кем эмес мөөнөттө жазуу жүзүндө же макулдашылган электрондук байланыш каналдары аркылуу билдирүүгө;

4.3.2. Келишимди колдонуу мөөнөтүндө Оператор жөнүндө жана төлөмдөрдү кабыл алуу ыкмалары жөнүндө маалыматтарды, анын ичинде төмөнкүлөрдү камтыган маалыматтарды өзүнүн маалымат ресурстарына жайгаштырууга жана жаңылап турууга:

- Оператордун аталышы, байланыш маалыматтары жана жайгашкан жери;
- Оператордун лицензиясынын номери жана берилген күнү;
- Төлөөчү тарабынан төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы;
- Доо-талаптарды берүү ыкмалары;
- Оператордун байланыш борборунун номерлери, «О!Деньги» системасынын веб-сайтына шилтемелер.

4.3.3. Тиешелүү отчеттук ай үчүн Оператор тарабынан берилген эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актысын макулдашуу жана аны алган учурдан тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде Операторго берүүгө;

4.3.4. Операторго ушул Келишимде жана Акцептте белгиленген тартипте жана өлчөмдө сый акы төлөп берүүгө;

4.3.5. Оператордун талабы боюнча террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын колдонуудагы талаптарына ылайык Төлөөчүлөр жана Жабдуучунун пайдасына жүргүзүлгөн төлөмдөр жөнүндө бар болгон маалыматтарды берүүгө (бар болсо);

4.3.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген идентификациялоо жана верификациялоо боюнча жол-жоболорду сактоо максатында Келишим түзүлгөнгө чейин Жабдуучуга жана анын бенефициардык ээсине (ээлерине) карата тиешелүү түрдө таризделген жана күбөлөндүрүлгөн документтерди Оператордун талаптарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына/Оператор Жабдуучуну идентификациялоо жана верификациялоо бөлүгүндө үчүнчү жактын кабыл алган чараларына таянууга укуктуу болгон үчүнчү жактын талаптарына жооп берген көлөмдө Операторго/Оператор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык талаптагыдай текшерүү жүргүзүү максатында Жабдуучуну идентификациялоо жана верификациялоо боюнча көрүлгөн чаралар бөлүгүндө таянууга укуктуу болгон үчүнчү жакка берүүгө, ошондой эле Операторго/Оператор Жабдуучуну идентификациялоо жана верификациялоо бөлүгүндө үчүнчү жактын кабыл алган чараларына таянууга укуктуу болгон үчүнчү жакка берилген маалыматтар өзгөргөн учурда, мындай өзгөрүү болгон учурдан тартып 5 (беш) жумуш күндүн ичинде тиешелүү түрдө таризделген ырастоочу документтерди тиркөө менен Операторго бул өзгөрүүлөр жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүүгө;
4.3.7. Жабдуучунун системасында пландуу иштер жүргүзүлө тургандыгы жөнүндө 5 (беш) жумуш күндөн кем эмес мөөнөттө Операторго жазуу жүзүндө билдирүү менен кабарлоого;
4.3.8. Өз демилгеси боюнча өзүнүн системасында Оператордон келип түшкөн Төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн жокко чыгарбоого;
4.3.9. Техникалык регламент менен өз убагында таанышпагандыгы үчүн өз алдынча жоопкерчилик тартууга (Тараптар тарабынан Тараптардын системаларын интеграциялоо жүргүзүлгөн учурда) жана Жабдуучу ушул Келишим боюнча кабыл алынган милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуучу жагдай катары Техникалык регламент менен өз убагында таанышпагандыгын шылтоо кылууга укугу жок;
4.3.10. Патенттин негизинде иш жүргүзгөн учурда, Жабдуучу патенттин колдонуу мөөнөтүн өз алдынча жана өз убагында узартууга милдеттүү. Патенттин колдонуу мөөнөтүн өз убагында узартпаган учурда Жабдуучу бардык кесепеттер үчүн, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, салык мыйзамдарынын талаптарын бузуунун, чыгымдардын пайда болушунун, айыптардын, санкциялардын чегерилишинин жана ушундай бузуудан улам келип чыккан башка чыгымдардын кесепеттери үчүн толук жоопкерчилик тартат.
4.3.11. Келишимдин шарттарынан келип чыккан, Эрежелерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттерди аткарууга.
<u>4.4. Жабдуучу укуктуу:</u>
4.4.1. Тараптар тарабынан макулдашылган форматта отчеттук мезгил ичинде кабыл алынган жана жүргүзүлгөн төлөмдөр боюнча күнүмдүк реестрлерди жөнөтүүнү орнотуп берүүнү Оператордон сурануууга.

**5. Жүргүзүлгөн төлөмдөр жөнүндө маалыматты жана эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү тартиби.**

5.1 Жүргүзүлгөн төлөмдөр жөнүндө маалыматты Тараптар күн сайын төмөнкү тартипте салыштырып текшерип турушат (эгерде Оператор тарабынан башка тартип белгиленбесе):
5.1.1. Оператор Жабдуучунун жеке кабинетине кирүү мүмкүнчүлүгүн ачат, анда Оператор тарабынан Жабдуучунун пайдасына кабыл алынган жана жүргүзүлгөн төлөмдөр чагылдырылат. Жабдуучу отчеттук сутка ичинде күн сайын кабыл алынган төлөмдөр боюнча салыштырып текшерүүнү жүзөгө ашырат;
5.1.2. Отчеттук сутка ичиндеги төлөмдөр жөнүндө маалыматтар Жабдуучу тарабынан эч кандай каршы пикирсиз тастыкталды деп эсептелет, эгерде мындай төлөмдөр кабыл алынган отчеттук суткадан кийинки жумуш күнү саат 17.00 (он жети) чейин Жабдуучу Келишимдин 4.1.4 пунктуна ылайык Оператор тарабынан берилген жеке кабинетинде чагылдырылган кабыл алынган жана жүргүзүлгөн төлөмдөр жөнүндө маалыматтарга өзүнүн жүйөөлүү каршы пикирин Операторго жибербесе;

5.1.3. Келишимдин 5.1.2 пунктунда белгиленген мөөнөттө Жабдуучунун каршы пикирлери Оператор тарабынан каралып чыгууга жана кароонун жыйынтыгы боюнча чечим 2 (эки) жумуш күндүн ичинде Жабдуучуга жөнөтүлүүгө тийиш;
5.1.4. Эгерде тиешелүү отчеттук сутка ичинде Жабдуучунун жеке кабинетинде чагылдырылган кабыл алынган жана жүргүзүлгөн төлөмдөр жөнүндө маалыматтарга карата Жабдуучунун каршы пикирлерин кароонун жыйынтыгы боюнча Оператордун чечими Жабдуучуну канааттандырбаса, анда Жабдуучунун арызы боюнча Жабдуучу Оператордун чечимин алган учурдан тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде Тараптар маалыматтардын дал келбестигинин (пикир келишпестиктин) себептерин териштирүү үчүн өздөрүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнөн турган Комиссияны түзүшөт, ал Комиссия түзүлгөн учурдан тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде маалыматтарда дал келбестиктин (пикир келишпестиктин) себептерин териштирүүгө жана макулдашылган чечимди кабыл алууга тийиш;
5.1.5. Келишимдин 5.1.4 пунктунда баяндалган тартипте жөнгө салынбаган Жабдуучунун жеке кабинетинде чагылдырылган кабыл алынган жана жүргүзүлгөн төлөмдөр жөнүндө маалыматтар боюнча пикир келишпестиктер Келишимдин 10-бөлүмүндө белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет;
5.2. Ар бир календардык айдын жыйынтыгы боюнча, жүргүзүлгөн төлөмдөр жөнүндө маалыматты күн сайын салыштырып текшерүү маалыматтарынын негизинде Оператор тарабынан Келишимдин 4.1.2 пунктунда белгиленген мөөнөттө салыштырып текшерүү Актысы даярдалат жана ал Тараптар тарабынан өзүнчө документти даярдоонун жана кол коюунун зарылдыгысыз Келишимдин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө отчет катары каралат;
5.3. Оператор тарабынан даярдалган жана берилген эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актысы ал алынган күндү кошкондо, алынган учурдан тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде Жабдуучу тарабынан каралууга жана макулдашылууга тийиш. Эгерде ушул мөөнөттүн ичинде Жабдуучу салыштырып текшерүү Актысына кол койбосо же Операторго эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актысында чагылдырылган маалыматтарга карата жүйөөлүү каршы пикирин билдирбесе, эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актысы толук көлөмдө Жабдуучу тарабынан макулдашылды (бекитилди) деп эсептелет жана ага ылайык Оператордун отчету Жабдуучу тарабынан кабыл алынды деп эсептелет. Эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актысын Жабдуучунун дарегине ийгиликтүү жөнөтүү фактысы Жабдуучу тарабынан бул Акты алынгандыгынын фактысы катары таанылат. Эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актысын алууга же алардын мазмуну менен таанышууга мүмкүндүк бербеген жана Оператор тарапта болбогон ар кандай факторлор, мисалы, интернет туташуунун жоктугу, байланыштын резервдик каналдарынын жоктугу, кызматкерлердин бош эместиги жана башка факторлор Жабдуучунун эсептешүү-лөрдү салыштырып текшерүү Актысына макул болбоосу үчүн негиз болуп саналбайт.
5.4. Тараптар тарабынан макулдашылган эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актысы, анын ичинде демейки боюнча макулдашылган Акты Оператор тарабынан Жабдуучуга тиешелүү отчеттук ай үчүн тиешелүү сый акынын суммасын төлөө үчүн эсеп-фактураны берүүгө негиз болуп саналат.

**6. Оператордун сый акысынын өлчөмү жана төлөө тартиби.**

6.1. Оператордун сый акысынын өлчөмү Акцептте көрсөтүлгөн. Акцептте көрсөтүлгөн сый акынын өлчөмү Оператор тарабынан Келишимдин 4.2.4 пунктуна ылайык өзгөртүлгөн учурда, Оператордун сый акысынын өлчөмү тиешелүү кабарлоолордо көрсөтүлөт. Ушуну менен бирге финансылык шарттардагы өзгөриүүлөр Тараптардын макулдашуусу боюнча Оператор тарабынан белгиленген форма боюнча финансылык шарттарды өзгөртүү жөнүн-дө Акцептке Жабдуучу тарабынан кол коюу жолу менен кошумча таризделиши мүмкүн.
6.2. Оператордун сый акысы бардык салыктарды эске алуу менен тиешелүү отчеттук ай үчүн Оператор тарабынан Жабдуучу тарапка кабыл алынган жана жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн жалпы суммасынан ай сайын эсептелет.
6.3. Эгерде Оператор Жабдуучуга которулуучу акча каражаттардан (төлөмдөрдөн) сый

акынын суммасын кармап калбаса, Оператордун сый акысы эсеп-фактура берилген учурдан тартып 5 (беш) жумуш күндүн ичинде Жабдуучу тарабынан Оператордун эсептешүү эсебине төлөнөт.

## 7. Тараптардын жоопкерчилиги.

7.1. Оператор ушул Келишимди аткаруу иретинде кабыл алынган төлөмдөрдү Жабдуучуга которуу боюнча милдеттенмелерди бузган учурда, Оператор Жабдуучуга төлөө мөөнөтү өтүп кеткен ар бир күн үчүн мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммадан 0,1% (нөл бүтүн ондон бир пайыз) өлчөмүндө, бирок төлөнбөгөн сумманын 5% ашпаган өлчөмдө үстөк айып төлөп берүүгө милдеттенет.
7.2. Жабдуучу тарабынан Оператордун сый акысын төлөө тартиби бузулган учурда, Жабдуучу Операторго мөөнөтү өтүп кеткен ар бир күн үчүн мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммадан 0,1% (нөл бүтүн ондон бир пайыз) өлчөмүндө, бирок төлөнбөгөн сумманын 5% ашпаган өлчөмдө үстөк айып төлөп берүүгө милдеттенет. Мындай учурда Оператор Жабдуучуга которулуп жаткан акча каражаттардан (төлөмдөрдөн) өз пайдасына бир тараптуу тартипте үстөк айып кармап калууга укуктуу.
7.3. Товарларды жеткирүү жана кызматтарды көрсөтүү боюнча милдеттенмелердин талаптагыдай аткарылышы үчүн, ошондой эле алардын сапаты үчүн Жабдуучу Төлөөчүлөрдүн алдында жоопкерчилик тартат.
7.4. Ушул Келишимдин шарттарын козгогон ички алдамчылык фактылары пайда болгон учурда, Тараптар алдамчылык фактысы боюнча ички териштирүүнү жүргүзүшөт жана бул териштирүүнүн жыйынтыгы жөнүндө бири-бирине жазуу жүзүндө кабарлашат. Ички алдамчылыктын натыйжасында келип чыккан бардык талаш жагдайлар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.
7.5. Ушул Келишимде белгиленген кабарлоолордун кандай болбосун тартиби жана мөөнөттөрү сакталбаган учурда, болуп өткөн өзгөрүүлөр жөнүндө өз убагында кабарлабаган Жабдуучу мындай бузуулардан улам келип чыгышы мүмкүн болгон бардык чыгымдар үчүн толук көлөмдө жоопкерчилик тартат жана чыгымдарды өз мойнуна алат.
7.6. Оператор үчүнчү жактардын аракетинен же аракетсиздигинен жана/же Оператордун өздүк ресурстарынан тышкары жайгашкан техникалык платформалардын, транспорттук-маалыматтык каналдардын/түйүндөрдүн иштебей калышынан улам түздөн-түз же кыйыр түрдө болуп жаткан иштин кечеңдеши, үзгүлтүккө учурашы жана Оператордун өздүк ресурстарын толук пайдалана албай калышы үчүн жоопкерчилик тартпайт.
7.7. Тараптар өз каалоосу боюнча бири-бирин үстөк айып төлөөдөн бошотууга жана/же бузуулардын суммасынын тең ченемдүүлүгүнө жараша анын өлчөмүн азайтууга, мындай бузуулардын кесепеттерин жоюу жана келечекте алардын кайталанышына жол бербөө боюнча чараларды көрүүгө укуктуу.
7.8. Үстөк айыпты төлөө Тараптарды ушул Келишим боюнча өзүнө алган милдеттенмелерин аткаруудан бошотпойт.
7.9. Оператордун Жабдуучунун алдындагы жоопкерчилиги иш жүзүндөгү зыяндын өлчөмү менен чектелет. Жабдуучу тарабынан алынбай калган пайда же киреше, ошондой эле Жабдуучунун тарткан ар кандай кыйыр чыгымдары ордун толтурууга жатпайт.
7.10. Тараптарга ошондой эле Келишимдин тиркемелеринде, Эрежелерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка жоопкерчилик чаралары да колдонулат.

## 8. Келип чыгышы ыктымал болгон өзгөчө кырдаалдар. Форс-мажор.

8.1. Төлөм системасынын/төлөм инфратүзүмүнүн иштөө эрежелеринин жана технологиясынын чегинен чыккан жана аларды чечүү үчүн Тараптардын кызматкерлеринин атайын уюштурулган иш аракетин талап кылган өзгөчө кырдаалдар же системалык тобокелдиктер келип чыккан учурда, Тараптар алар аныкталган учурдан тартып 2 (эки) сааттын ичинде төлөмдөрдү жүргүзүү үзгүлтүккө учурагандыгы тууралуу бири-бирине маалымдоого милдеттенишет.
8.2. Өзгөчө кырдаалды чечүү аяктагандан кийин Тараптар өз ара иш жүргүзүү боюнча пайда

болгон көйгөйлөр чечилгендиги жөнүндө ал чечилген учурдан тартып 2 (эки) сааттын ичинде бири-бирине кабарлоого милдеттенишет.

8.3. Өз ара эсептешүүлөр боюнча бардык милдеттенмелер өзгөчө кырдаалдын келип чыгуу фактысына карабастан Тараптар тарабынан аткарылууга тийиш.

8.4. Тарап ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин жарым-жартылай же толук аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат, эгерде мындай аткарбоо Келишим түзүлгөндөн кийин келип чыккан, Тарап алдын ала биле албаган жана акылга сыярлык чаралар менен токтото албаган форс-мажордук жагдайлардан улам болсо. Мындай жагдайларга төмөнкүлөр кирет: жалпы телекоммуникациялык байланыштын үзгүлтүккө учурашы, суу ташкындары, өрттүн чыгышы, жер титирөө жана башка жаратылыш кубулуштары, ошондой эле согуш, аскердик аракеттер, аскердик төңкөрүштөр, террористтик актылар, мамлекеттик/ыйгарым укуктуу органдардын буйруктары, көрсөтмөлөрү же башка административдик кийлигишүүсү, же кандайдыр бир же башка токтомдор, административдик же өкмөттүк чектөөлөр, ошондой эле Тараптардын бири да жооп бербеген башка окуялар.

8.5. Эгерде 8.4 пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыккан учурда жана ал жагдайлар Тарапка милдеттенмелерин аткарууга тоскоол болуп жатса, анда ал Тарап, эгерде башка мөөнөт тиешелүү компетенттүү органдын документ жүгүртүүсү менен шартталбаса, 3 (үч) жумуш күндөн кечиктирбестен бул жагдайлар жөнүндө башка Тарапка жазуу жүзүндө билдирүүгө тийиш. Билдирүүдө жагдайдын мүнөзү жөнүндө маалыматтар камтылууга тийиш, ал компетенттүү мамлекеттик же башка уюм тарабынан тастыкталууга тийиш, ошондой эле мүмкүн болсо, алардын Тараптын Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгүнө тийгизген таасирине баа берүү жана милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтү камтылууга тийиш. Форс-мажордук жагдайлардын келип чыкканы жана болуп жатканы ачык көрүнүп турган же жалпыга белгилүү болгон жана далилдөөнү талап кылбаган учурларда компетенттүү мамлекеттик органдардын маалымкаты, ошондой эле форс-мажордук жагдайлардын келип чыгышынын башка далилдери тиркелбейт.

8.6. Эгерде 8.4 пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлар 60 (алтымыш) календардык күндөн ашык созулса, Тараптар Келишимди бир тараптуу соттон тышкаркы тартипте бузууга укуктуу, мында Тараптар Келишимди аткаруу учурунда келип чыккан финансылык милдеттенмелер боюнча өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө тийиш.

**9. Купуялуулук жана маалыматтарды коргоо.**

9.1. Тараптар Келишимди түзүүдө жана аткарууда алынган жана милдеттүү түрдө корголууга тийиш болгон жеке маалыматтардын, төлөмдөр жөнүндө финансылык маалыматтардын жана башка маалыматтардын корголушун жана купуялуулугун камсыз кылууга жана аны Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда гана үчүнчү жактарга берүүгө милдеттүү.

9.2. Келишимди колдонуу токтотулган учурда, Тараптар ушул Келишим боюнча алынган маалыматтарды өз кызыкчылыктарында жана/же үчүнчү жактардын кызыкчылыктарында ачыкка чыгарбоого жана колдонбоого мөөнөтсүз милдеттенишет.

9.3. Эгерде купуя маалыматты ачыкка чыгаруунун натыйжасында Тараптардын бири чыгым тартса же пайда толук албай калса, күнөөлүү тарап Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

**10. Талаш-тартыштарды чечүү тартиби.**

10.1. Бул Келишимден жана/же аны аткаруудан келип чыккан маселелер боюнча Тараптардын ортосунда келип чыгышы мүмкүн болгон бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын жана иш жүгүртүү каадаларынын негизинде сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет. Мында талаш-тартыштарды жөнгө салуунун сотко чейинки тартиби милдеттүү болуп саналбайт.

10.2. Талаш маселелер жөнгө салынбаган учурда талаш-тартыштар Оператор жайгашкан жердеги сотто Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилүүгө тийиш. Соттук териштирүүнүн тили – орус тили.

## 11. Келишимди колдонуу мөөнөтү, аны өзгөртүү жана бузуу тартиби.

11.1. Келишим Жабдуучу же анын ыйгарым укуктуу адамдары тарабынан Акцептке электрондук формада кол коюлган учурдан тартып же Жабдуучу тарабынан кол коюлган кагаз жүзүндөгү Акцепт Оператор тарабынан бекитилген учурдан тартып же ал Офертанын/Келишимдин преамбуласына ылайык Акцепт менен таанылган иш-аракеттердин натыйжасында күчүнө кирген учурдан тартып күчүнө кирет жана эгерде ушул Келишимдин 3.4 пунктунун алкагында түзүлгөн өзүнчө Тиркемелерде башкача белгиленбесе, үзгүлтүксүз удаа 6 (алты) ай бою күчүндө болот. Эгерде Келишимди колдонуунун кезектеги мөөнөтү аяктаган күнгө чейин кеминде 30 (отуз) календардык күн мурда Тараптардын бири экинчи Тарапка ушул Келишим боюнча кызматташууну токтотуу ниети жөнүндө билдирбесе, Келишимдин мөөнөтү автоматтык түрдө кийинки 6 (алты) үзгүлтүксүз удаа айга узартылат. Мындай автоматтык түрдө мөөнөтүн узартуулардын саны чектелбейт.

11.2. Келишимди төмөнкү учурларда бузууга болот:

11.2.1. Тараптардын макулдашуусу боюнча макулдашууда көрсөтүлгөн күндөн тартып;

11.2.2. Тараптардын биринин демилгеси боюнча бир тараптуу соттон тышкаркы тартипте, Келишимди бузууга чейин 30 (отуз) календардык күндөн кечиктирбестен экинчи Тараптын дарегине кабарлоону жөнөтүү жолу менен. Мында Тараптар тарабынан Келишимди бузуу жөнүндө макулдашууну түзүү жана ага кол коюу талап кылынбайт.

11.3. Келишим төмөнкү учурларда бир тараптуу соттон тышкаркы тартипте, Келишимдин 11.2.2 пунктунда белгиленген мөөнөттү сактабастан, Оператордун кабарлоосунун негизинде (демилгеси боюнча) бузулушу мүмкүн:

11.3.1. Жабдуучу Оператордун сый акысын төлөө боюнча милдеттенмени бузган учурда;

11.3.2. Жабдуучунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуусуна алып келиши мүмкүн болгон ар кандай бузуулар же аракеттер/аракетсиздиктер;

11.3.3. Тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга байланышкан ишкердик ишке тыюу салуучу же чектөөчү ченемдик укуктук актыны кабыл алган учурда;

11.3.4. Форс-мажордук жагдайлар 60 (алтымыш) календардык күндөн ашык созулган учурда.

11.4. Келишим төмөнкү учурларда бир тараптуу соттон тышкаркы тартипте, Келишимдин 11.2.2 пунктунда белгиленген мөөнөттү сактабастан, Жабдуучунун кабарлоосунун негизинде (демилгеси боюнча) бузулушу мүмкүн:

11.4.1. Оператор Келишимди аткаруу иретинде кабыл алынган төлөмдөрдү Жабдуучуга которуу боюнча мөөнөттү 30 (отуз) календардык күндөн ашык бузган учурда;

11.4.2. Форс-мажордук жагдайлар 60 (алтымыш) календардык күндөн ашык созулган учурда.

11.5. Келишимдин 11.3 жана 11.4 пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча Келишим бир тараптуу бузулган учурда, демилгечи Тарап Келишимди бузуунун себебин көрсөтүү менен башка Тарапка жазуу жүзүндө кабарлоого милдеттүү. Мында Тараптар тарабынан Келишимди бузуу жөнүндө макулдашууну түзүү жана ага кол коюу талап кылынбайт.

11.6. Келишим ар кандай негиз боюнча бузулган/токтотулган учурда бардык финансылык маселелерди жөнгө салууну Тараптар Келишим бузулган/токтотулган күндөн тартып 10 (он) жумуш күндүн ичинде жүргүзөт, Тараптардын акчалай милдеттенмелери, ошондой эле Келишимди бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти аныктаган милдеттенмелер алар аткарылган учурга чейин сакталат.

11.7. Келишимде Оператордун Келишимдин шарттарын жана/же Келишимдин тиркемелерин бир тараптуу өзгөртүү укугу белгиленген учурларды кошпогондо, ушул Келишимге жана/же Акцептке жана/же Келишимдин тиркемелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор Тараптардын макулдашуусу боюнча, кошумча макулдашууга кол коюу жолу менен киргизилет.

11.8. Эгерде Келишимдин 4.2.4 пунктунда белгиленген жагдайлар келип чыккан учурда өзгөртүүлөр/толуктоолор күчүнө киргенге чейин ал өзгөртүүлөргө/толуктоолорго макул эместигине байланыштуу Келишимди бузуу жөнүндө Жабдуучу тарабынан кабарлоо келип түшпөсө, Келишимди өзгөртүлгөн/толукталган шарттарда колдонуу улантылат.

## 12. Башка шарттар.

12.1. Келишим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат жана чечмеленет. Ушул Келишимде жана Эрежелерде каралбаган маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.
12.2. Тараптар маалымат алмашууда маалымат алмашуунун макулдашылган форматтарын, макулдашылган тармактарды жана байланыш каражаттарын колдонууга милдеттенишет.
12.3. Ушул Келишимдин (Офертанын) жана Келишимдин бардык тиркемелеринин актуалдуу версиясы Оператордун Сайтында атайын бөлүмдө электрондук түрдө сакталат.
12.4. Келишим, эгерде Жабдуучу менен Оператордун ортосунда төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө карата кол коюлган кагаз жүзүндөгү колдонуудагы келишим жок болсо, ушул Офертада каралган шарттарда түзүлдү деп эсептелет. Жабдуучу менен Оператордун ортосунда төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө карата кол коюлган кагаз жүзүндөгү келишим бар болсо, бул Офертанын шарттары төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө карата кол коюлган кагаз жүзүндөгү келишимдер бузулгандан кийин гана Жабдуучу тарабынан электрондук түрдө жана/же кагаз жүзүндө Акцептке кол коюу жолу менен кабыл алынышы мүмкүн.
12.5. Кагаз жүзүндөгү Акцептке Жабдуучу тарабынан кол коюлуп, Оператор тарабынан бекитилет жана Оператор тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет. Жабдуучу тарабынан гана кол коюлган кагаз жүзүндөгү Акцепт Оператор тарабынан бекитилгенге чейин юридикалык күчкө ээ болбойт.
12.6. Кагаз жүзүндө түзүлгөн жана кол коюлган Акцепт Жабдуучу тарабынан электрондук кол тамга менен кол коюлган электрондук формадагы Акцептке караганда артыкчылыктуу күчкө ээ болот.
12.7. Электрондук формадагы Акцептке кол коюуда жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен кол коюудагыдай эле юридикалык кесепеттерди жаратат.
12.8. Бул ачык оферта кыргыз жана орус тилдеринде түзүлдү.
12.9. Ушул Келишимге карата бардык тиркемелер анын ажырагыс жана курамдык бөлүгү болуп саналат.

## 13. Оператордун реквизиттери.

**«Грин Телеком Сервис» ЖЧК**

Юридикалык дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдрахманов көч., 170/2, 2-блок.
Иш жүзүндөгү дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдрахманов көч., 170/2, 2-блок.
Э/э: 1250820004313155
«О!Банк-Бишкек» ААК филиалы
БИК: 125008
ИНН: 00411200910311
ОКПО: 26738513

**Келишимге №1 Тиркеме**

## Төлөм карталарынын ээлерин тейлөө

### 1. Жалпы шарттар.

1.1. Келишимдин 3.4.1 пунктуна ылайык Тараптар Төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн кабыл алуу (алуу)/өткөрүү үчүн Оператор Жабдуучуга Келишимдин ушул №1 Тиркемесинде (мындан ары – «Тиркеме») каралган тартипте жана шарттарда «Элкарт», «Visa International», «MasterCard Worldwide», «Union Pay International» төлөм системаларанын карталарын жана башка эл аралык төлөм карталарын колдонуу менен Оператордун ПОС-терминалдары аркылуу накталай эмес жүргүзүлгөн сатып алынган товарлар/көрсөтүлгөн кызматтар үчүн Төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн иштеп чыгуу жана Жабдуучунун эсептешүү эсебине чегерүү боюнча кызматтарды көрсөтүүнү уюштурарына макулдашышты.

1.2. Ушул Тиркемеде, ошондой эле анын тиркемелеринде колдонулган сөздөр, терминдер жана аныктамалар, эгерде Келишимдин текстинде, Тиркемеде башкасы ачык каралбаса, төмөнкүдөй мааниге ээ болот:

1.2.1. **ПОС-терминал –** төлөм карталары, электрондук капчыктар жана/же аралыктан тейлөөнүн башка инструменттери аркылуу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн Жабдуучунун соода түйүнүндө орнотулган Операторго таандык жабдуу (терминалдар).

1.2.2. **Чек** – картаны колдонуу менен транзакцияларды жүргүзүүдө терминал, банкомат же башка жабдуу тарабынан түзүлгөн кагаз жүзүндөгү документ, ал транзакциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн негиз болуп саналат жана транзакция жүргүзүлгөнүн тастыктайт.

1.2.3. **Жабдуучу** – Оператор менен түзүлгөн Тиркемеге ылайык, карталар менен операциялар жүргүзүлгөнүн тастыктоочу документтерди түзүү менен товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө төлөө үчүн карталарды кабыл алуучу юридикалык жак же жеке ишкер.

1.2.4. **Банктык төлөм картасы (карта)** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана карта ээси менен Эмитенттин ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, анын ээсине терминалдар аркылуу товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү төлөм инструменти, ошондой эле банк эсебинде турган акча каражаттарын башкаруу үчүн банк эсебине кирүү каражаты.

1.2.5. **Банк-эквайер (же өнөктөш банк)** – технологияларга жана тиешелүү төлөм системаларынын ченемдик актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Оператордун перифериялык жабдуулары аркылуу авторизацияны же транзакцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган, эквайрингди жүзөгө ашырууга уруксат алган коммерциялык банк, Оператордун өнөктөшү.

1.2.6. **Эмитент** – технологияларга жана тиешелүү төлөм системаларынын ченемдик актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык карталарды чыгарууну жүзөгө ашырган коммерциялык банк.

1.2.7. **Чарджбек** – кайтарылуучу же талап кылынуучу төлөм, Эмитенттин ЭТС/УТС эрежелерин бузуу менен жүргүзүлгөн транзакциялар боюнча төлөмдү ишке ашыруудан баш тартуусу (талаштуу транзакция). Chargeback (Чарджбек) регламентте белгиленген аткаруу мөөнөтүндө ЭТС/УТС эрежелерине ылайык талап кылынган документтерди тариздөө менен талаштуу транзакциянын суммасына Эквайердин эсебин дебеттөө аркылуу ишке ашырылат.

1.2.8. **ЭТС –** Эл аралык төлөм системасы.

1.2.9. **НПС –** Улуттук төлөм системасы.

1.2.10. **ТБ –** Төлөм борбору.

1.3. Ушул Тиркеменин 1.1 пунктунда каралган кызматтарды көрсөтүү үчүн Оператор өзүнүн ПОС-терминалын (терминалдарын) Жабдуучуга убактылуу пайдаланууга берет. ПОС-терминалдар ушул Тиркеменин №2 Тиркемесинде белгиленген форма боюнча түзүлгөн Кабыл

алуу – өткөрүү актысы (мындан ары – Акт) боюнча берилет. Актыга Оператор жана Жабдуучу же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аларга берилген ишеним каттын негизинде кол коюшат.

**2. Тараптардын өз ара эсептешүү тартиби.**

2.1. Жабдуучу менен Төлөөчүнүн ортосунда жүргүзүлгөн операциялар боюнча төлөмдөрдүн суммасы Акцепттин реквизиттеринде көрсөтүлгөн Жабдуучунун эсептешүү эсебине операция жүргүзүлгөн күндөн кийинки күндөн 1 (бир) жумуш күн өткөндөн кийин төлөмдүн валютасында чегерилет. Сумма Жабдуучунун эсептешүү эсебине чегерилген күнү Оператор ушул Тиркемеде көрсөтүлгөн тартипте комиссиялардын суммасын кемитүү менен төлөмдөрдүн суммасын Жабдуучунун эсептешүү эсебине которот.

2.2. Тараптар төлөмдүн валютасы – кыргыз сому болуп саналат деп таанышат.

2.3. Жүргүзүлгөн операция боюнча акча каражаттары Жабдуучунун эсептешүү эсебине чегерилген күнү Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан кармалуучу Оператордун комиссиясынын өлчөмү Акцептте көрсөтүлгөн. Оператор Акцептте көрсөтүлгөн комиссиялардын өлчөмүн ушул Тиркеменин 3.4.7 пунктуна ылайык өзгөрткөн учурда, комиссиялардын өлчөмү тиешелүү кабарлоолордо көрсөтүлөт. Ушул Тиркеме боюнча Оператордун сый акысы Келишимде жана Келишимдин башка тиркемелеринде белгиленген Оператордун сый акысына кошумча алынат.

2.4. Оператор буйрутмалар үчүн төлөмдөрдү жокко чыгарууда жана товарларды кайтарууда/жумуштардан/кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тартууда, талаш болгон операцияларда, доо-талаптуу иштерди жүргүзүүдө, Оператор тарабынан Chargeback алынган учурда Жабдуучуга тиешелүү суммалардан Жабдуучунун кошумча макулдугусуз ар кандай комиссияларды, чыгымдарды, айыптарды жана товарлардын/жумуштардын/ кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын суммаларын кармап калууга укуктуу.

2.5. Ушул Тиркемеде каралган комиссиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык салыктарды жана жыйымдарды эске алуу менен көрсөтүлгөн.

**3. Тараптардын укуктары жана милдеттери.**

3.1. Жабдуучу милдеттүү:

3.1.1. Ушул Келишимдин предметине тиешелүү болгон өз ишин мыйзамдуу негизде жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен талап кылынган бардык документтерге ээ болууга.

3.1.2. Ушул Келишимдин шарттарын аткарууга, ошондой эле Жабдуучунун персоналы ушул Келишимдин талаптарын жана ушул Тиркеменин №4 тиркемесине ылайык нускамалык материалдарда (мындан ары – Нускамалык материалдар) камтылган талаптарды шартсыз аткарышын камсыз кылууга.

3.1.3. Оператордун тиешелүү окутуусунан өткөн кызматкерлерге гана карталарды колдонуу менен операцияларды жүргүзүүгө уруксат берүүгө.

3.1.4. Карталар боюнча төлөмдөрдү товарлар (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) үчүн накталай акча каражаттар менен төлөөдө белгиленген баалар боюнча кабыл алууга.

3.1.5. Жабдуучунун бүткүл жумуш убагынын ичинде товарлар (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) үчүн төлөм жүргүзүүгө бардык жарактуу карталарды кабыл алууга.

3.1.6. Банктык төлөм карталарын колдонуу менен ПОС-терминал аркылуу операцияларды жүргүзүүдө акча каражаттарын накталоо процессин жүргүзүлбөөгө.

3.1.7. Оператордун кызматкерлерине ПОС-терминалдарды орнотуу (туташтыруу), техникалык абалын текшерүү жана профилактикалык иштерди жүргүзүү үчүн ПОС-терминалдар орнотула турган жана эксплуатациялана турган жерлерге кирүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө, ошондой эле Жабдуучунун персоналын окутуу үчүн шарттарды түзүп берүүгө.

3.1.8. Оператор тарабынан берилген программалык камсыздоого өзгөртүүлөрдү киргизбөөгө. Оператордун жазуу жүзүндөгү уруксатысыз ПОС-терминалдарды үчүнчү жактар тарабынан оңдоого/алмаштырууга жол бербөөгө, ошондой эле ПОС-терминалды ачпоого.

3.1.9. Операторго чыгымдалуучу, маалыматтык материалдарды толуктоо зарылдыгы тууралуу материалдар түгөнгөнгө чейин 5 (беш) жумуш күн мурун маалымдоого.
3.1.10. ПОС-терминалдардын сынып же иштебей калганы жөнүндө Операторго дароо билдирүүгө.
3.1.11. Тараптардын бири бул Келишимди бузуу жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күндөн кечиктирбестен, Жабдуучу тарабынан ушул Келишим боюнча алынган ПОС-терминалдарды, чыгымдоо материалдарын Операторго өткөрүп берүүгө.
3.1.12. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, ПОС-терминалдардын чектерин үчүнчү жактарга бербөөгө.
3.1.13. Жумуш күнү аяктагандан кийин Жабдуучу ПОС-терминал аркылуу жүргүзүлгөн операциялар боюнча жыйынтыктарды салыштырып текшерүүгө милдеттүү.
3.1.14. Оператор тарабынан орнотулган ПОС-терминалдарды алардын арналышына ылайык пайдаланууга, ПОС-терминалдарды, анын ичинде чыгымдалуучу материалдарды жана Оператор тарабынан берилген материалдарды Оператордун уруксатысыз үчүнчү жактарга өткөрүп бербөөгө жана пайдаланууга бербөөгө, ошондой эле алардын сакталышын камсыз кылууга.
3.1.15. Орнотулган даректен жылбоого.
3.1.16. Карталар боюнча маалыматтарды сактабоого, көчүрбөөгө жана өткөрүп бербөөгө.
3.1.17. ПОС-терминалдан ийгиликтүү эмес жооп алынган учурда карта ээсине товарларды бербөөгө, жумуштарды, кызматтарды көрсөтпөөгө.
3.1.18. Оператордун жазуу жүзүндөгү же оозеки талабын алган күндөн тартып 2 (эки) жумуш күндүн ичинде ПОС-терминал аркылуу жүргүзүлгөн карталык операциялар боюнча тастыктоочу документтерди (анын ичинде транзакция боюнча чекти, ошондой эле товар сатылганын/өткөрүп берилгенин/кызмат көрсөтүлгөнүн тастыктоочу документтерди же сатуучунун эсепке алуу системасынан товар сатылганы жөнүндө скриндерди жана башка колдо бар болгон документтерди жана материалдарды) берүүгө.
3.1.19. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген бардык талаптарды, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө талаптарды сактоого.
3.1.20. ПОС-терминалда төлөмдөрдү кабыл алуу операцияларын жүргүзүүдө ушул Тиркеменин №4 тиркемесинде көрсөтүлгөн эрежелерди жана талаптарды сактоого.
3.1.21. Берилген комплекттөөчү материалдарды башка банктардын ПОС-терминалдарында пайдаланбоого.
3.1.22. Ушул Тиркеменин шарттарын бузган өзүнүн персоналы үчүн толук жоопкерчилик тартууга.
3.2. <u>Жабдуучу укуктуу:</u>
3.2.1. Оператор тарабынан орнотулган ПОС-терминалдарды карталарды тейлөө үчүн колдонууга.
3.2.2. Оператордон карталар боюнча жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн суммасын Оператордун комиссиясын кармап калуу менен Жабдуучуга өз убагында төлөп берүүнү талап кылууга.
3.2.3. Тейлөө учурунда карта аны көрсөткөн адамга таандык экенин тастыктоочу документтерди талап кылууга.
3.2.4. Операторго Жабдуучунун персоналын окуудан өткөрүүгө өтүнмө жөнөтүүгө.
3.2.5. ПОС-терминал аркылуу операциянын суммасында же анын бөлүгүндө кайтаруу/жокко чыгаруу операцияларын ошол эле күнү операциялык күн аяктаганга чейин аткаруу шартында ишке ашырууга.
3.2.6. Ушул Тиркеменин 3.2.5 пунктуна туура келбеген операцияны кайтарууну/жокко чыгарууну Операторго Жабдуучунун ыйгарым укуктуу адамдарынын кол тамгасы коюлуп, мындай операциянын суммасын Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан кармап калуу жана аны Карта ээсинин эсебине чегерүү үчүн операциянын суммасында же анын бөлүгүндө операцияны кайтарууну/жокко чыгарууну өтүнгөн катты берүү жолу менен жүзөгө ашырууга. Кайтаруу операциясы Банк-эквайердин операциялык күнү аяктагандан кийин, бирок операция жүргүзүлгөн учурдан тартып 90 календардык күндөн кечиктирбестен ишке ашырылат.

3.2.7. Оператор Жабдуучунун арызы боюнча ПОС-терминалда төлөмдөрдү кайтаруу опциясын ачкан учурда, кайтаруу операциясынын суммасын Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан кармап калуу жана аны Карта ээсинин эсебине которуу үчүн ушул Тиркеменин 3.2.5 жана 3.2.6 пункттарына туура келбеген операцияларды ПОС-терминал аркылуу өз алдынча жүзөгө ашырууга. Кайтаруу операциясы операциялык күн аяктагандан кийин, бирок операция жүргүзүлгөн учурдан тартып 90 календардык күндөн кечиктирбестен жүргүзүлөт, ошону менен бирге Оператор Жабдуучуга төлөмдү жүргүзүүгө байланышкан комиссияларды жана кошумча чыгымдарды кайтарып берет.

3.3. Оператор милдеттенет:

3.3.1. Төлөмдөрдү жана ПОС-терминал аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө карталарды пайдалануу менен башка операцияларды жүргүзүүдө түзүлгөн маалыматтарды чогултууну, иштеп чыгууну жана өткөрүп берүүнү камсыз кылуучу өнөктөш банктын процессинг борборунда Жабдуучуну каттоону жүргүзүүгө.

3.3.2. Жабдуучуда ПОС-терминалдарды жана зарыл программалык камсыздоону орнотууга жана эксплуатацияга даярдоого, ошондой эле ушул Тиркеме түзүлгөн жана ушул Тиркеменин №1 тиркемесинде көрсөтүлгөн документтер берилген күндөн тартып, ошондой эле кошумча ПОС-терминалды орнотууга өтүнмө берилген учурдан тартып 15 (он беш) жумуш күндөн кечиктирбестен, карталар менен операцияларды жүргүзүү тартиби боюнча Жабдуучунун персоналына окууну өткөрүүгө.

3.3.3. Күнү-түнү электрондук авторизациялоону жүргүзүүгө.

3.3.4. Жабдуучудан карталар боюнча бардык жарактуу чектерди алууга.

3.3.5. Карталар боюнча сатылган товарлар (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) үчүн акча каражаттарды Жабдуучунун эсебине бул Тиркеменин 2.1 пунктуна ылайык өз убагында которууга.

3.3.6. ПОС-терминалдын бузулушу Жабдуучунун персоналынын күнөөсүнөн улам болгон учурларды кошпогондо, ПОС-терминалдарды оңдоону Жабдуучудан ушул Тиркеменин №3 тиркемесинде белгиленген форма боюнча түзүлгөн өтүнмө келип түшкөн учурдан тартып 30 календардык күндүн ичинде, ал эми ПОС-терминалдарды алмаштырууну 15 жумуш күндүн ичинде жүзөгө ашырууга.

3.3.7. Нускамалык материалдарга бардык өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Жабдуучуга өз убагында берип турууга.

3.3.8. ПОС-терминалдар үчүн чыгымдалуучу материалдарды толуктоо зарылдыгы жөнүндө Жабдуучудан билдирүүнү алган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күндөн кечиктирбестен Жабдуучуга аларды акысыз өткөрүп берүүгө.

3.3.9. Ушул Тиркеменин шарттарын бузган өзүнүн персоналы үчүн толук жоопкерчилик тартууга.

3.3.10. Ушул Тиркеме боюнча өз милдеттерин өз убагында аткаруу үчүн толук жоопкерчилик тартууга.

3.4. Оператор укуктуу:

3.4.1. Карталар боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн орнотулуучу ПОС-терминалдардын түрүн жана санын аныктоого.

3.4.2. Жабдуучунун ПОС-терминалдарды, ошондой эле чыгымдалуучу жана маалыматтык материалдарды колдонуусун контролдоого.

3.4.3. Жабдуучунун персоналы тарабынан ушул Тиркеменин жоболору жана Нускамалык материалдар сакталып жатканын контролдоо максатында Жабдуучунун товарлары сатылган (жумуштары, кызматтары көрсөтүлгөн) жерлерде текшерүүлөрдү жүргүзүүгө.

3.4.4. Жабдуучу же анын кызматкерлери тарабынан карталар боюнча алдамчылык операциялар же жасалма карталар боюнча алдамчылык иш-аракеттер аныкталган учурда, мындай операциялар боюнча карталык операциялардын суммасын Жабдуучунун банктык эсебине төлөп берүүнү токтотуп турууга, ал эми андан кийин Жабдуучунун күнөөсү далилденген учурда мындай операциялардын суммасын Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан акцептсиз кармап калууга.

3.4.5. ПОС-терминал аркылуу үчүнчү жактар тарабынан жүргүзүлгөн карталар боюнча алдамчылык операциялар же жасалма карталар боюнча алдамчылык иш-аракеттер аныкталган учурда, Жабдуучудан Тиркеменин 3.1.18 пунктунда көрсөтүлгөн документтерди талап кылууга.
3.4.6. Эгерде ПОС-терминал аркылуу жүргүзүлгөн операция боюнча Chargeback (Чарджбек) болсо же Жабдуучу Тиркеменин 3.1.18 пунктунда көрсөтүлгөн документтерди бербесе, же болбосо алар Тиркеменин 3.1.18 пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө берилбесе, мындай операциянын суммасын төлөп берүүнү талап кылууга же мындай операциялардын суммасын Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан акцептсиз кармап калууга.
3.4.7. Бул Тиркеменин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенге чейин 10 (он) жумуш күндөн кем эмес убакыттын ичинде Жабдуучуга жазуу жүзүндө же болбосо башка жеткиликтүү байланыш каналдары аркылуу электрондук түрдө кабарлоо аркылуу бул Тиркеменин финансылык шарттарын бир тараптуу өз алдынча аныктоого, анын ичинде өзгөртүүгө. Эгерде бул Тиркеменин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенден кийин Жабдуучу Төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн кабыл алуу жана которуу боюнча Оператордун кызмат көрсөтүүлөрүн колдонууну улантса, бул Тиркеменин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор Жабдуучу тарабынан кабыл алынды деп эсептелет.
3.4.8. Оператор ушул Тиркеменин шарттарында көрсөтүлгөн товарларга (жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө) төлөө үчүн Жабдуучу тарабынан кабыл алынуучу карталардын тизмесин Жабдуучуга алдын ала кабарлоо жолу менен өзгөртүүгө укуктуу.
3.4.9. Оператор төмөнкү учурларда транзакция боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу:

- төлөм операциясы ийгиликсиз болгондо;
- картанын Банк-эмитентинен Chargeback (Чарджбек) транзакциясын кайтаруу талабы келип түшкөндө;
- транзакция Банк-эквайер жана/же төлөм системасы тарабынан алдамчылык деп таанылганда.

**4. Тараптардын жоопкерчилиги.**

4.1. Тараптар ушул Тиркеме боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Келишимдин жана ушул Тиркеменин шарттарына ылайык, ал эми Келишимде жана Тиркемеде каралбаган учурларда – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
4.2. Тиркеменин 2.1-пунктунда каралган төлөмдөрдүн суммасын Оператор Жабдуучунун эсептешүү эсебине өз убагында жөнөтпөгөндүгү үчүн Жабдуучу Операторго мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдөрдүн суммасынан мөөнөтү өтүп кеткен ар бир күн үчүн 0,1% өлчөмүндө, бирок өткөн отчеттук айда жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн суммасынын 10% ашпаган өлчөмдө айып салууга укуктуу.
4.3. Ушуну менен Тараптар Оператор эч кандай шартта Жабдуучу менен Жабдуучудан товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алып жаткан кардарлардын ортосунда келип чыккан талаш-тартыштар үчүн, товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүү фактысы үчүн, анын сапаты ж. б. үчүн жоопкерчилик тартпасына макул болушту.
4.4. Ушул Келишимди жана Тиркемени аткарууга байланыштуу Тараптардын бири-бирине берген маалыматтары купуя болуп саналат жана мындай маалыматты ачыкка чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык гана жүргүзүлгөндү кошпогондо, экинчи Тараптын алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугусуз ачыкка чыгарылышы мүмкүн эмес. Мындай каалаган маалыматты мыйзамсыз ачыкка чыгаруу үчүн Тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
4.5. Жабдуучу Келишимдин же ушул Тиркеменин шарттарын бузган учурда, анын ичинде Жабдуучунун кызматкерлери ушул Тиркемеде жана Нускамалык материалдарда каралган операцияларды жүзөгө ашыруу эрежелерин сактабаган/талаптагыдай сактабаган учурда жана анын натыйжасында Операторго жана/же Карта ээсине реалдуу зыян келтирилген учурда

(бузулган укукту калыбына келтирүү, мүлкүн жоготуу же зыянга учуратуу үчүн Оператор төлөгөн же төлөөгө тийиш болгон чыгымдар), Жабдуучу мындай зыяндын ордун толтуруп берүүгө милдеттүү, же мындай зыяндын өлчөмү Оператор тарабынан Жабдуучунун кошумча макулдугусуз (акцептсиз тартипте) Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан кармалат.

4.6. Жабдуучуга берилген ПОС-терминал жоголгон, бузулган, жок кылынган же уурдалган учурда, Жабдуучу Операторго Тараптар кол койгон Актыда көрсөтүлгөн ПОС-терминалдын баштапкы наркын ПОС-терминал жоголгон, бузулган же жок кылынган учурдан тартып үч банктык күндүн ичинде толук өлчөмдө төлөп берет.

4.7. Жабдуучу тарабынан бул Тиркеменин 4.6 пунктунда каралган милдеттенме аткарылбаган учурда, Оператор ПОС-терминал жоголгон, бузулган же жок кылынган учурдан тартып 10 (он) календардык күн өткөндөн кийин Жабдуучунун кошумча макулдугусуз Тараптар кол койгон Актыда көрсөтүлгөн ПОС-терминалдын баштапкы наркын Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан кармап калууга укуктуу.

4.8. Ушуну менен Тараптар эч кандай шартта Оператор төлөмдү жүргүзүүгө же төлөмдү жокко чыгарууга байланышкан чыгымдарды өз эсебинен төлөбөйт деп макулдашышты.

4.9. Жабдуучу ушул Тиркеме боюнча милдеттенмелерин бузган учурда, Оператор болуп өткөн окуялардын бардык жагдайлары такталганга жана бузуулар оңдолгонго чейин Жабдуучунун ПОС-терминалдарын тейлөөнү токтото турууга укуктуу.

4.10. Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан комиссияларды жана/же башка төлөмдөрдү төлөө үчүн каражаттар жетишсиз болгон учурда, Оператор Жабдуучуга тиешелүү болгон бардык суммалардан тиешелүү суммаларды акцептсиз тартипте (кошумча кабарлоосуз) кармап калууга укуктуу.

4.11. Тараптар байланыш каналдарынын, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, үчүнчү жактардын (ЭТСтин, төлөм системасынын операторлорунун, банктар аралык процессинг борборунун, Оператордун контрагенттеринин ж. б.) катачылыктары жана/же системанын үзгүлтүккө учурашы же Операторго көз каранды болбогон башка себептер үчүн, ошондой эле эл аралык төлөм системаларынын эрежелерине, Оператордун алар менен түзгөн келишимдерине жана/же мыйзамдарга ылайык төлөмдү алдамчылык же санкцияланбаган деп таануунун кесепеттери үчүн, Сот жана укук коргоо органдары тарабынан Жабдуучунун каалаган банктагы эсептерин камакка алуунун кесепеттери үчүн, ошондой эле Жабдуучуга карата кайсы болбосун банкта аткаруу документтеринин жана/же салыктык төлөм талаптарынын бар болушу үчүн жоопкерчилик тартышпайт.

4.12. Тараптар милдеттенмелерин жарым-жартылай же толугу менен аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат, эгерде ал аргасыз кырдаалдардын: суу ташкынынын, жер титирөөнүн жана Тараптарга көз каранды болбогон башка жагдайлардын натыйжасында болсо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аткаруу, сот, салык же укук коргоо органдары тарабынан Тараптардын ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруусуна тоскоол болуучу чечимдер, токтомдор, аныктамалар кабыл алынган учурда. Аргасыз кырдаалдарга таянган Тарап алар башталган учурдан тартып 10 (он) календардык күндүн ичинде экинчи Тарапка ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилген тастыктаманы берүүгө тийиш.

4.13. Тараптардын кызматкерлери тарабынан алынган маалыматтар ушул Тиркеменин шарттарына ылайык купуя болуп саналгандыгына байланыштуу, Тараптар анын колдонулушу үчүн толук жоопкерчилик тартышат, анын натыйжасында Карта ээсине же Тараптардын бирине зыян келтирилген болсо, күнөөлүү Тарап бул зыяндын ордун толук өлчөмдө толтуруп берет.

4.14. Ушул Тиркеме түзүлгөндөн кийин келип чыккан: табигый кырсыктар, байланыш линияларынын жана/же каражаттарынын зыянга учурашы, Кыргыз Республикасынын аймагында же анын айрым жерлеринде аскердик же өзгөчө абалдын киргизилиши, иш таштоо сыяктуу Тараптардын ушул Тиркеме боюнча өз милдеттенмелерин аткаруусуна мүмкүндүк бербеген өзгөчө жана токтотууга мүмкүн болбогон жагдайлар болгон учурда, милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтү тиешелүү кырдаал болуп жаткан жана анын кесепеттерин жоюу үчүн зарыл болгон убакытка жылдырылат.

4.15. Ушул Тиркеменин 4.14 пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлардан улам милдеттенмелерин аткара албаган Тарап, ал жагдайлар келип чыккан учурдан тартып 3 (үч) күндөн кечиктирбестен бул тууралуу экинчи Тарапка жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү. Билдирүүдө жагдай жөнүндө маалыматтар, ошондой эле мүмкүн болушунча Тараптардын Тиркеме боюнча өз милдеттенмелерин аткаруусуна алар кандай таасир эткенине баа берүү камтылууга тийиш.

4.16. Буйрутмаларды төлөөнү жокко чыгаруу жана товарларды кайтаруу/жумуштардан/кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тартуу шарттары:

- Эгерде Оператор Жабдуучуга акча каражаттарын которгон операция боюнча буйрутманы төлөө жокко чыгаруу/товарларды кайтаруу/жумуштардан/кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тартуу жүргүзүлгөн учурда, Оператор жокко чыгарылган буйрутманын/кардар кайтарып берген товарлардын/жумуштардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын өлчөмүндө акча каражаттарын Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан кармап калат;
- Буйрутманы төлөө операциясы жокко чыгарылган учурда/кардар Жабдуучуга товарларды кайтарган/жумуштардан/ кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тарткан учурда Карта ээсине/кардарга акча каражаттарын кайтарып берүү Протоколго ылайык, Жабдуучунун ПОС-терминалынан ТБга тиешелүү суроо-талапты жөнөтүү аркылуу ишке ашырылат. Кайтарып берүү ПОС-терминалда болгон буйрутманы төлөөнү жокко чыгаруу/товарды кайтаруу/жумуштан/кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тартуу операциялары жөнүндө маалыматтардын негизинде, ал карта боюнча аталган операциялар жүргүзүлгөн Карта ээсине накталай эмес түрдө жүргүзүлөт.

4.17. Талаш болгон операциялар боюнча шарттар, доо-талап иштери:

- Эгерде Жабдуучуга ордун толтуруу суммасы которулган операция боюнча кийин Картанын эмитенти/Карта ээси тарабынан Операторго доо коюлса (мындан ары – талаш операциялар), анда Жабдуучу Операторго талаш операция боюнча акча каражаттарды Картанын эмитенти/Карта ээси тарабынан талаш болуп жаткан сумманын өлчөмүндө (мындан ары – талаш болуп жаткан сумма) кайтарып берүүгө милдеттүү. Жогоруда көрсөтүлгөн акча каражаттарды Операторго кайтаруу талаш операция далилденген шартта, Оператор тарабынан Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан кармап калуу аркылуу жүргүзүлөт;
- Талаш болуп жаткан сумма жөнгө салынганга чейин Оператор талаш операция далилденген шартта акча каражаттарын кармап калууга укуктуу;

Талаш операциялар боюнча Тараптардын ортосундагы эсептешүүлөр ПОС-терминалда жана маалымат системаларында болгон мындай операциялар боюнча маалыматтардын негизинде жүргүзүлөт;

- Тараптар ортосунда талаш операциялар боюнча эсептешүүлөр жүргүзүлгөндөн кийин Оператор жана Жабдуучу бул операциялар боюнча доо-талап иштерди (териштирүүлөрдү) төмөнкү тартипте жүргүзүшөт:

А) доо-талап иштерин жүргүзүү үчүн УТС/ЭТС эрежелеринде белгиленген жол-жобого ылайык (төлөмдөрдү кайтаруу жол-жобосуна - Chargeback (Чарджбек) ылайык) – эгерде операция картанын башка эмитенти тарабынан талаш болуп жатса;

Б) Тараптар ортосунда кат алмашуу жолу менен – эгерде операция Банк-эквайердин жана Эквайердин процессинг борборунун маалымат системаларында катталган Карта ээси тарабынан талаш болуп жатса;

- Талаш болгон операциянын суммасын Жабдуучуга кайталап/кайра которуу жөнүндө чечим берилген маалыматтардын/документтердин, ошондой эле Банк-эквайер тарабынан УТС/ЭТСтен/Картанын эмитентинен алынган маалыматтардын негизинде териштирүүнүн жыйынтыгы боюнча Банк-эквайер тарабынан кабыл алынат;
- Оператор менен Жабдуучунун ортосундагы эсептешүүлөр териштирүүнүн жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

4.18. Банк-эквайер тарабынан талаш болгон операциянын суммасын кайталап которуу/кайтарып берүү жөнүндө оң чечим кабыл алынган учурда, бул сумма 10 (он) жумуш күндүн ичинде Жабдуучунун эсептешүү эсебине которулат.

## 5. Өзгөчө шарттар.

5.1. Бул Тиркемени аткарууда келип чыккан бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер, мүмкүн болушунча, ЭТС/УТС эрежелеринде белгиленген шарттарды сактоо менен Тараптардын ортосунда сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет.
5.2. Сүйлөшүү жолу менен чечилбеген талаш-тартыштар Оператордун жайгашкан жери боюнча Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын сотторунда чечилүүгө тийиш.
5.3. Тараптар талаш-тартыштарды чечүүдө машиналык маалымат сактагычтардагы операциялар жөнүндө маалыматтарды далил катары таанууга макул болушат.
5.4. Жазуу жүзүндөгү кабарлоолор, эгерде алар кол койдуруу менен тапшырылса же Келишимдин реквизиттеринде көрсөтүлгөн дарекке заказдык кат менен жөнөтүлсө (почта квитанциясы бар болсо), Оператор тарабынан алынган болуп эсептелет.
5.5. Жазуу жүзүндөгү кабарлоолор, эгерде алар кол койдуруу менен тапшырылса же Акцепттин реквизиттеринде көрсөтүлгөн дарекке заказдык кат менен жөнөтүлсө (почта квитанциясы бар болсо), Жабдуучу тарабынан алынган болуп эсептелет.
5.6. Оператор тарабынан Жабдуучуга берилген бул Тиркеменин бардык Тиркемелери анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат (эгерде алар бар болсо).

**6. Бул Тиркемени колдонуу мөөнөтү, аны өзгөртүү жана бузуу тартиби.**

6.1. Бул Тиркеме Жабдуучу же анын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан Акцептке кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана ага кол коюлган күндөн тартып бир календардык жылдын ичинде, ал эми өз ара эсептешүү бөлүгүндө Тиркеменин колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин 180 (жүз сексен) календардык күндүн ичинде колдонулат.
6.2. Тараптар бул Тиркемени бузуунун шарттары Келишимдин 11-бөлүмүндө белгиленген Келишимди бузуунун шарттарынан жогору экендигине макулдашышты. Тараптар бул Тиркемени Тиркеменин 6.1 пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин, Тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча гана, келишимди бузуу жөнүндө Макулдашууга кол коюу жолу менен, толук өз ара эсептешүүнү жүргүзүү жана Жабдуучу тарабынан Операторго жабдууну кайтарып берүү же Тараптар тарабынан кол коюлган Актыда көрсөтүлгөн анын баштапкы наркынын суммасында аныкталган наркын төлөп берүү шартында токтотууга укуктуу. Мында Операторго жабдуу өткөрүп берилген (же анын наркы компенсацияланган) учурдан тартып 180 (жүз сексен) календардык күн өткөндөн кийин Тиркеме бузулду деп эсептелет. Жабдуулардын (комплекттер менен ПОС-терминалдын) наркы дегенде – Оператор тарабынан сатып алынган жана Тараптар тарабынан кол коюлган Актыда көрсөтүлгөн анын баштапкы наркын түшүнүүгө болот. Келишимди бузуу жөнүндө Макулдашууга кол коюлган күндөн тартып Тараптар карталарды колдонуу менен операцияларды жүргүзүүнү токтотушат.
6.3. Эгерде Тараптардын бири да ушул Тиркеменин 6.1 пунктунда каралган мөөнөт аяктаганга чейин 30 күн мурун ушул Тиркемени колдонуу мөөнөтүн узартпай тургандыгы жөнүндө экинчи Тарапка билдирбесе, ал мурдагы шарттарда кийинки календардык жылга узартылды деп эсептелет. Бул эреже андан кийин да колдонулат.
6.4. Ушул Тиркеме 6.5 пунктуна ылайык мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, Тараптардын карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча бири-бирине доо-талаптары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана эл аралык төлөм системаларынын эрежелерине ылайык коюлат.
6.5. Эгерде Жабдуучуга берилген ПОС-терминал боюнча акыркы эки календардык жуманын ичинде бир дагы операция жүргүзүлбөсө, Оператор бул Тиркемени бир тараптуу токтотууга укуктуу. Ушуну менен бирге, Оператор тарабынан Тиркемени бузуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүү Жабдуучуга жөнөтүлгөн учурдан тартып 180 (жүз сексен) календардык күн өткөндөн кийин бул Тиркеме бузулду деп эсептелет. Оператор тарабынан билдирүү жөнөтүлгөн күндөн тартып 3 банктык күндүн ичинде Жабдуучу Операторго жабдууну өткөрүп берүүгө (же анын наркын компенсациялоого) милдеттүү. Мында жабдуулардын (комплекттер менен ПОС-терминалдын) наркы дегенде – Оператор тарабынан сатып алынган жана Тараптар тарабынан кол коюлган Актыда көрсөтүлгөн анын баштапкы наркын түшүнүүгө болот. Оператор

Жабдуучуга Тиркемени бузуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү жөнөткөн күндөн тартып Тараптар карталарды колдонуу менен операцияларды жүргүзүүнү токтотушат.

6.6. Тараптардын бири жоюлганда же кайра уюштурулганда ал Тараптын ушул Тиркеме боюнча бардык укуктары жана милдеттери укук мураскерине өтөт.

6.7. Бул Тиркеменин шарттары Жабдуучу тарабынан кабыл алынат жана Жабдуучу тарабынан төмөнкү документтерге электрондук түрдө жана/же кагаз жүзүндө кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет:

6.7.1. ушул тиркеменин №2 Тиркемесинде белгиленген форма боюнча ПОС-терминалды жана комплекттөөчү материалдарды кабыл алуу-өткөрүү актысына;

6.7.2. Акцептке, эгерде ушул Акцептте ушул Тиркеменин 2.3 пунктуна ылайык Жабдуучуга тиешелүү суммалардан кармалуучу Оператордун комиссиясынын өлчөмү белгиленсе, болбосо бул Тиркеменин шарттары Оператор менен Жабдуучунун ортосундагы өз ара мамилелерге жайылтылбайт.

**Келишимдин №1**
**Тиркемесине №1**
**Тиркеме**

**Жабдуучунун документтеринин көчүрмөлөрүнүн тизмеси**

<table>
<tr><th colspan="3">Юридикалык жак тарабынан берилүүчү документтер</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Уставдын, уюштуруу келишиминин көчүрмөсү</td><td rowspan="7">Документтер Жабдуучунун кол тамгасы жана мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Юридикалык жакты түзүү жөнүндө чечимдин көчүрмөсү</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү/Маалымкат (мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк)</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Эгерде юридикалык жак милдеттүү түрдө лицензияланууга тийиш болгон ишти жүзөгө ашырса, белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн лицензиянын көчүрмөсү</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Жетекчини/директорду дайындоо жөнүндө чечим</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Жетекчинин/директордун паспортунун көчүрмөсү</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Банктын жана ТБнын маалымат системаларында терминал ачууга өтүнмө (Агент кол коюлган көчүрмөнү берет)</td></tr>
<tr><td>8</td><td>Ишеним көрсөтүлгөн адамдар жөнүндө маалыматтар, аларга берилген ишеним каттар, ыйгарым укук берилген (ишеним көрсөтүлгөн) адамдардын паспортторунун көчүрмөлөрү, алар бар болсо</td><td></td></tr>
<tr><td>9</td><td>Уюштуруучулардын катышуу үлүшү, сатуу/кызмат көрсөтүү түйүндөрүнүн даректери көрсөтүлгөн юридикалык жактын анкетасы</td><td></td></tr>
<tr><td>10</td><td>Юридикалык жактын бенефициардык ээсинин анкетасы</td><td></td></tr>
<tr><td>11</td><td>Бенефициардык ээсинин (БЭ) паспортунун көчүрмөсү</td><td></td></tr>
<tr><td>12</td><td>Коомдук кызмат адамынын (ККА) анкетасы, эгерде мындай адам бар болсо (жетекчи/БЭ)</td><td></td></tr>
<tr><td>13</td><td>Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук (жетекчи/БЭ)</td><td></td></tr>
<tr><th colspan="3">Жеке ишкер тарабынан берилүүчү документтер</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Паспорттун көчүрмөсү</td><td></td></tr>
<tr><td>2</td><td>Патентке төлөө жөнүндө дүмүрчөк (эгерде электрондук патент болсо, төлөө жөнүндө чек тиркелет)</td><td></td></tr>
<tr><td>3</td><td>Банктын жана ТБнын маалымат системаларында терминал ачууга өтүнмө (Агент кол коюлган көчүрмөнү берет)</td><td></td></tr>
<tr><td>4</td><td>Жеке ишкерди мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк, патент</td><td></td></tr>
<tr><td>6</td><td>Бенефициардык ээлеринин паспортторунун көчүрмөлөрү</td><td></td></tr>
<tr><td>7</td><td>Ишеним көрсөтүлгөн адамдар жөнүндө маалыматтар, аларга берилген ишеним каттар, ыйгарым укук берилген (ишеним көрсөтүлгөн) адамдардын паспортторунун көчүрмөлөрү, алар бар болсо</td><td></td></tr>
<tr><td>8</td><td>Сатуу/кызмат көрсөтүү түйүндөрүнүн даректери менен ЖИ анкетасы</td><td></td></tr>
<tr><td>9</td><td>Бенефициардык ээсинин анкетасы, эгерде ЖИ анкетасынан айырмаланса</td><td></td></tr>
<tr><td>10</td><td>ККА анкетасы, эгерде мындай адам бар болсо (жетекчи/БЭ)</td><td></td></tr>
<tr><td>11</td><td>Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук</td><td></td></tr>
</table>

**Келишимдин №1 Тиркемесине №2**
**Тиркеме**

**ПОС-терминалдарды жана комплекттөөчү материалдарды кабыл алуу-өткөрүү Актысы**

Биз, төмөндө кол койгондор, мындан ары **«Жабдуучу»** деп аталган ____________________
*юрид.жактын аталышы/жеке ишкер*

атынан _________________________________ негизинде иш алып барган ________________
*ыйгарым укукту тастыктоочу документ*

___________________________________________________________________ бир тараптан,
*ээсинин/жетекчинин/өкүлдүн ФАА*

жана мындан ары **«Оператор»** деп аталган «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелген коомунун атынан 20__-жылдагы №_______ ишеним каттын негизинде иш алып барган ___________________________________________________ башка тараптан,
www.dengi.kg сайтында жарыяланган Төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүгө келишим түзүү жөнүндө Ачык офертага ПОС-терминалдарды жана комплекттөөчү материалдарды кабыл алуу-өткөрүү жөнүндө төмөнкүлөр тууралуу ушул Актыны (мындан ары – Акты) түзүштү:

1. Оператор ПОС-терминалдарды жана комплекттөөчү материалдарды төмөндө көрсөтүлгөн санда жана баштапкы баада, иштеген жана тышкы бузуктары жок абалда өткөрүп берет, ал эми Жабдуучу кабыл алат:

| № | ПОС-терминалдын/ комплекттөөчү материалдардын аталышы | Саны | Баштапкы баасы | Күнү | Колу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |

ПОС-терминалдарды ажыратып, чачууга, ошондой эле үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө уруксат берилбейт.

Ушул Акты ПОС-терминалдарга менчик укугунун өтүү документи болуп саналбайт.

*Өткөрүп берди:*

_____________________________________ _____________ **«___» ______ 20__-ж.**
*Оператордун кызматкеринин ФАА* *Колу*

*Кабыл алды:*

_____________________________________ _____________ **«___» ______ 20__-ж.**
*ээсинин/жетекчинин/Жабдуучунун өкүлүнүн ФАА* *Колу*

**Келишимдин №1 Тиркемесине**
**№3 Тиркеме**

**ПОС-терминалды оңдоого/алмаштырууга өтүнмө.**

______________________________ ПОС-терминалын оңдоп/алмаштырып берүүнү суранам,
*(сериялык номер)*
себеби, ________________________________________________________________________.
*ПОС-терминалды оңдоонун/алмаштыруунун себеби*

______________________________________________ ___________ **«___» ______ 20__-ж.**
*ээсинин/жетекчинин/Жабдуучунун өкүлүнүн ФАА* *Колу*

**Келишимдин №1 Тиркемесине №4**
**Тиркеме**

**ПОС-терминалдарда карталарды тейлөөдө**
**коопсуздук чаралары жөнүндө нускама.**

1. Карталарды тейлөөгө уруксат берилген Жабдуучунун кызматкери (мындан аты – «Кассир) милдеттүү:
1.1. ПОС-терминалдын жана материалдардын сакталышын камсыз кылууга;
1.2. Төлөмдү кабыл алуу үчүн ПОС-терминалды бекем жерге четтен алыс орнотууга;
1.3. ПОС-терминалды күчтүү электромагниттик нурлануусу бар түзүлүштөрдүн жанына, көп чаңдаган жерлерге, өтө ысык жана нымдуу жерлерге, ошондой эле күндүн нуру түз тийген жерлерге орнотууга жол бербөөгө;
1.4. ПОС-терминал туташтырылган розеткага эркин жетүүнү камсыз кылууга.
2. Кассир төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:
2.1. Тейлөөгө кайсы төлөм системаларынын (ЭТС/УТС) карталары жана ЭТС/УТС ичиндеги кайсы карталар кабыл алынарын;
2.2. ПОС-терминалда төлөмдөрдү кабыл алуу операциясын жүргүзүү эрежелерин жана талаптарын:
2.2.1. Ар бир операция Картанын ээси тарабынан ПИН-кодду (Картанын ээсине гана белгилүү болгон 4 орундуу сан) киргизүү аркылуу жүргүзүлүшү керек. Эгерде банктар тарабынан чыгарылган карталар үчүн ПИН-кодду киргизүү талап кылынбаса, Жабдуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана тиешелүү төлөм системасынын (ЭТС/УТС) эрежелерине ылайык иш алып барууга тийиш;
2.2.2. Ар бир операция ПОС-терминалдан соода чегин басып чыгаруу менен жүргүзүлөт. Чек эки нускада басып чыгарылат (биринчиси – Жабдуучу үчүн, экинчиси – Карта ээси үчүн). Эгерде операция ПИН-кодду киргизүү менен жүргүзүлсө, Карта ээсинин кол тамгасы талап кылынбашы мүмкүн;
2.2.3. Улуттук валютадагы 100 (жүз) эсептик көрсөткүчтөн же анын чет өлкөлүк валютадагы эквивалентинен ашкан суммада операциялар жүргүзүлгөн учурда, Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарында белгиленген бардык иш-аракеттерди аткаруу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Карта ээсинин өздүгүн текшерүү керек;
2.2.4. Контактсыз картаны колдонуу менен операцияларды жүргүзүүдө Жабдуучунун соода түйүнүнүн кассири контактсыз операцияларды жүргүзүүгө арналган ПОС-терминал аркылуу контактсыз картаны колдонуу менен операцияны жүргүзөт. Мында, картанын ПОС-терминал менен контакт болуу тартибин кошпогондо, ошондой эле Оператор тарабынан ПИН-кодду киргизбестен операцияларды жүргүзүүгө лимит белгиленген учурларда контактсыз картаны колдонуу менен операцияларды жүргүзүү тартиби кадимки карталар менен операцияларды жүргүзүү тартибине окшош болот, мында белгилүү бир суммадан ашпаган операцияны жүргүзүүдө ПИН-кодду киргизүү зарылдыгынын жоктугу өзгөчө болуп саналат, бул жөнүндө Оператор Жабдуучуга кошумча маалымдайт;
2.3. Тейлөөгө кабыл алынган төлөм системаларынын бардык карталарынын жараксыз жана/же жасалма экендигинин тышкы белгилери:
2.3.1. Жасалма карталар:

- картаны каптал жагынан басканда (мисалы, тырмак менен) катмарларга бөлүнөт;
- картанын номеринин эмбоссирленген (басылган) цифраларында башка (мурунку) цифралардын издери көрүнөт (өзгөчө - голограммада);
- кол тамганын үлгүсү бар панелде кол коюлган жерлерде кырып өчүрүүлөрдүн издери байкалат, же панелде сөз түрүндөгү коргоочу жазуулар жок: VISA карталары үчүн – «VISA», Mastercard карталары үчүн – «Mastercard»;

- операцияны жүргүзүүдө ПОС-терминалдын чегиндеги номер картанын номери менен дал келбейт;

2.3.2. Жараксыз карталар:

- кол тамганын үлгүсү бар панелде карта ээсинин колу жок;
- картаны колдонуу мөөнөтү өтүп кеткен (мисалы, бүгүн 01-март 2009-жыл, картада картаны колдонуу мөөнөтү 2/09 - февраль 2009-жылга чейин деп көрсөтүлгөн);
- картада жаракалар, майда кетиктер, оюктар бар, эмбоссирленген (басылган) маалыматтар жарым-жартылай же толук оюлган;
- картанын алдыңкы бетинде «Valid only in...» - «.. гана жарактуу» деген жазуу бар. Карта жазууда көрсөтүлгөн өлкөнүн аймагында гана жарактуу (мисалы, «Valid only in France»);

2.4. Өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтин жараксыз жана/же жасалма экендигинин тышкы белгилери:

- Эгерде кардардын маалыматтары жазылган бет ламинатталган болсо, ламинаттоочу катмар сыйрылбашы керек;
- Паспортто айрылган же чапталган жерлер (беттер) болбошу керек;
- Акыркы бетте (айрым учурда башка, жанындагы беттерде) паспорттун ээсинин кол тамгасынын үлгүсү сөзсүз түрдө бар болушу керек;
- Виза коюлуучу беттерде Тышкы иштер министрлигинин тиешелүү мекемесинин визасы сөзсүз түрдө бар болушу керек;
- Паспорт ээсинин маалыматтары өлкөнүн расмий тилинде жазылган бетте (же жанындагы бетте) паспорт ээсинин атынын жана фамилиясынын англис тилиндеги варианты да бар болушу керек.

2.5. Кардарлардын шектүү жүрүм-турумунун тышкы белгилери:

- Бөлмө ачылары менен же ал жабылардын алдында дароо бөлмөдө болуп калуу;
- Нервденүү же көп сүйлөө;
- Картаны капчыктан эмес, чөнтөктөн алып чыгуу;
- Кассирге психологиялык таасир этүүгө аракет кылуу (мисалы, «Мен шашып жатам...», «Эмне үчүн мынча жай тейлеп жатасыз?...» же мобилдик түзүлүшү бар экенин атайылап көрсөтүп, ал боюнча атайылап катуу сүйлөшүү ж. б.);
- ПОС-терминалдын чегине башкача манерада кол коюу (тырышкан абалда туруп же кол тамганы кылдаттык менен коюуга аракет кылып, ж. б.);
- Жабдуучунун тез чыгып кете ала турган бөлүмдөрүнө же секцияларына гана баруу;

2.6. Башка адамдын атына берилген картаны колдонуу фактысы аныкталган учурда кассир:

- картаны кардар жете албагандай, бирок көрүп тургандай жерде (абалда) кармап турат;
- бул жөнүндө тейлөө пунктундагы коопсуздук кызматынын кызматкерине билдирет;
- ыйгарым укук берилбеген адам тарабынан көрсөтүлгөн карта алынып коюларын кардарга айтат;
- картаны алып коюу жөнүндө Актыны түзөт. Актынын бир нускасын кардарга берет;
- Оператордун Колдоо кызматына чалып, башка адамдын атына чыгарылган картаны колдонуу фактысы жөнүндө айтат;

2.7. ПОС-терминалда «Картаны алып коюу» билдирүүсүн алган учурда кассир:

- картаны кардар жете албагандай, бирок көрүп тургандай жерде (абалда) кармап турат;
- бул жөнүндө тейлөө пунктундагы коопсуздук кызматынын кызматкерине билдирет;
- карта алынып коюлганы жөнүндө кардарга билдирет;
- картаны алып коюу Актысын түзөт. Актынын бир нускасын кардарга берет;
- кардарга бардык суроолор боюнча өзүнүн банкы менен байланышууну сунуштайт;
- алынып коюлган карталарды Операторго Акты боюнча өткөрүп берет.

**Келишимге №2 Тиркеме**

**Бонустук программа.**

**1. Жалпы шарттар.**

1.1. Келишимдин 3.4.2 пунктуна ылайык Тараптар Жабдуучунун Бонустук программага катышуусу жөнүндө, атап айтканда, Келишимге карата ушул №2 Тиркемеде (мындан ары – Тиркеме) каралган тартипте жана шарттарда Жабдуучунун товарларына/кызмат көрсөтүүлөрүнө, ошондой эле Бонустук программага катышкан башка жабдуучулардын товарларына/кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөгө боло турган белгилүү бир өлчөмдө Бонустарды Төлөөчүлөргө берүү жөнүндө макулдашышты.

1.2. Эгерде Келишимдин текстинде, Тиркемеде башкасы ачык каралбаса, ушул **Тиркемеде**, ошондой эле анын тиркемелеринде колдонулган сөздөр, терминдер жана сөз айкаштары төмөнкүдөй мааниге ээ болот:

1.2.1. **Бонустук программа** – Жабдуучунун товарларына/кызмат көрсөтүүлөрүнө, ошондой эле Бонустук программага катышкан башка жабдуучулардын товарларына/кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөгө боло турган белгилүү бир өлчөмдө Бонустарды Төлөөчүлөргө берүү жөнүндө Тараптардын макулдашуусу;

1.2.2. **Бонустар** – Ачык оферта тарабынан берилген аныктама (Оператордун тиркемесинин колдонуучуларына «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын Бонустук программасына катышуу жөнүндө сунушу), анын актуалдуу (колдонуудагы) редакциясы Оператордун Сайтында жайгаштырылган.

**2. Бонустук программанын шарттары.**

2.1. Төлөөчү Оператордун тиркемеси аркылуу Жабдуучунун товарлары/кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөгөндө Оператор төлөмдү кабыл алууга жана кабыл алынган төлөмдү андан Акцептте көрсөтүлгөн өлчөмдө Бонустарды кармап калуу менен Келишимдин шарттарына ылайык Жабдуучуга которууга милдеттенет, ал Төлөөчүгө Оператордун тиркемесиндеги өзүнчө (бонустук) эсепке чегерилет. Ушул Тиркеме боюнча Оператордун сый акысы Келишимде жана Келишимдин башка тиркемелеринде белгиленген Оператордун сый акысына кошумча алынат.

2.1.1. Оператор тарабынан Акцептте көрсөтүлгөн кармалуучу Бонустардын өлчөмү ушул Тиркеменин 2.8 пунктуна ылайык өзгөртүлгөн учурда, Оператор тарабынан кармалуучу Бонустардын өлчөмү тиешелүү кабарлоолордо көрсөтүлөт.

2.2. Тараптар төмөнкүлөрдү макулдашты:

2.2.1. Оператор Бонустардын суммасын колдонулуучу салыктарды эсепке албастан, Жабдуучуга которулуучу акча каражаттардан (төлөмдөрдөн) кармап калат жана Төлөөчүгө ошол замат чегерет;

2.2.2. Бонустарды Төлөөчүлөр Оператордун тиркемеси аркылуу гана жана Бонустарды берген Жабдуучунун же Бонустук программага кирген жабдуучулардын товарлары/кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөө үчүн гана сарптай алышат.

2.2.3. Төлөөчүлөр Бонустарды колдонуу менен Бонустук программага катышпаган жабдуучулардын дарегине төлөм жүргүзө алышпайт жана Бонустарды башка электрондук капчыктарга которо алышпайт. Мобилдик тиркемеде Төлөөчүлөргө жеткиликтүү болгон маркетингдик акцияларды/активдүүлүктөрдү, ар кандай сервистерди жана жазылууларды өткөрүүнүн алкагында Оператор Төлөөчүлөргө Бонустук программага катышпаган жабдуучулардын дарегине Бонустарды колдонуу менен төлөм жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө укуктуу.

2.2.4. Оператор Оператордун мобилдик тиркемесинде Премиум-жазылуусу бар Төлөөчүлөргө Бонустарды колдонуу менен Бонустук программага катышпаган жабдуучулардын дарегине төлөм жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө укуктуу.

2.3. Жабдуучу Төлөөчүгө Бонустар менен төлөнгөн товарды/кызмат көрсөтүүнү башка жолдор менен төлөнгөн товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн каралган мөөнөттө берүүгө милдеттенет.

2.4. Оператор Жабдуучуга ушул Тиркеменин №1 Тиркемесиндеги форма боюнча Бонустарды колдонуу боюнча отчет берет. Оператор тарабынан даярдалган отчет Жабдуучу тарабынан аны алган учурдан тартып бир жумуш күндүн ичинде каралып жана макулдашылууга тийиш. Эгерде ушул мөөнөттүн ичинде Жабдуучу отчетту макулдашпаса же Операторго отчетто чагылдырылган маалыматтарга жүйөлүү каршы пикирлерин бербесе, отчет Жабдуучу тарабынан толук көлөмдө макулдашылды (бекитилди) деп эсептелет жана ага ылайык Оператордун отчету Жабдуучу тарабынан кабыл алынды деп саналат. Жабдуучунун дарегине отчетту ийгиликтүү жөнөтүү фактысы Жабдуучу бул отчетту алгандыгынын фактысы катары таанылат. Отчетту алууга же анын мазмуну менен таанышууга мүмкүндүк бербеген Жабдуучу тараптагы ар кандай факторлор, мисалы, интернетке туташуунун жоктугу, байланыштын резервдик каналдарынын жоктугу, кызматкерлердин бош эместиги жана башка факторлор Жабдуучу тарабынан отчетту макулдашпоого (бекитпөөгө) негиз болуп саналбайт.

2.5. Төлөөчү тарабынан сарпталган Бонустардын санынын 10% өлчөмүндө чегерилген киреше салыгын төлөө боюнча милдеттенмени Оператор тартат.

2.6. Жабдуучу Төлөөчүгө Бонустардын суммасында товарды/кызмат көрсөтүүнү бербесе, Жабдуучу Операторго акыркы 60 (алтымыш) календардык күн үчүн ал Жабдуучу боюнча топтолгон Бонустардын суммасынан 0,1% өлчөмүндө туум төлөп берүүгө милдеттүү.

2.7. Төлөөчү чегерилген Бонустарды алар чегерилген күндөн тартып 12 (он эки) айдын ичинде колдоно алат, көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин Бонустар Оператордун пайдасына эсепке алынат.

2.8. Бул Тиркеменин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенге чейин 10 (он) жумуш күндөн кем эмес убакыттын ичинде Жабдуучуга жазуу жүзүндө же болбосо башка жеткиликтүү байланыш каналдары аркылуу (анын ичинде Жабдуучунун жеке кабинетиндеги мобилдик тиркеме аркылуу) электрондук түрдө кабарлоо аркылуу бул Тиркеменин финансылык шарттарын бир тараптуу өз алдынча аныктоого, анын ичинде өзгөртүүгө болот. Эгерде бул Тиркеменин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенден кийин Жабдуучу Төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн кабыл алуу жана которуу боюнча Оператордун кызмат көрсөтүүлөрүн колдонууну улантса, бул Тиркеменин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор Жабдуучу тарабынан кабыл алынды деп эсептелет.

2.9. Бул Тиркеменин шарттары Жабдуучу тарабынан кабыл алынат жана Жабдуучу тарабынан Акцепке электрондук түрдө жана/же кагаз жүзүндө кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет, эгерде бул Акцептте ушул Тиркеменин 2.1 пунктуна ылайык Оператор тарабынан кармалуучу Бонустардын өлчөмү белгиленсе, болбосо бул Тиркеменин шарттары Оператор менен Жабдуучунун ортосундагы өз ара мамилелерге жайылтылбайт.

**Келишимдин №2 Тиркемесине №1**
**Тиркеме**

# БОНУСТАРДЫ КОЛДОНУУ БОЮНЧА ОТЧЕТ БЕРҮҮ ФОРМАСЫ

«____» ________202_-жылдан «____» ___________202_ -жылга чейинки мезгил ичинде Келишимге карата №2 Тиркеменин шарттарына ылайык Төлөөчүлөр тарабынан Бонустар төмөндөгүдөй өлчөмдө колдонулду:

| № | Төлөө күнү | Төлөөчүнүн номери | Төлөмдүн суммасы (сом) | Бонустар (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| | **Жалпы сумма** | | | |

Жабдуучу ушул отчетко кол коюу менен аны кабыл алгандыгын ырастайт.

Жабдуучу:

________________________________

________________________________

________________________________

Оператор:

«Грин Телеком Сервис» ЖЧК

________________________________

________________________________

**Келишимге №3 Тиркеме**

**Белек карталары.**

**1. Жалпы шарттар.**

1.1. Келишимдин 3.4.3 пунктуна ылайык Тараптар Келишимге карата ушул №3 Тиркемеде (мындан ары – «Тиркеме») каралган тартипте жана шарттарда Оператордун тиркемесине Белек карталарын жайгаштыруу жөнүндө макулдашышты.

1.2. Эгерде Келишимдин жана/же Тиркеменин текстинде башкасы ачык каралбаса, ушул Тиркемеде колдонулган терминдер жана аныктамалар төмөнкүдөй мааниге ээ болот:

1.2.1. **Белек картасы** – бул Жабдуучунун өнүмүнүн/кызмат көрсөтүүсүнүн наркынын эквивалентин камтыган, ошондой эле бул нарктын төлөнгөндүгүн жана аны Жабдуучудан тиешелүү товарды/кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн тастыктаган Карта. Жабдуучу Белек карталарынын эмитенти болуп саналат, ал Колдонуучу аталган сумманы андан ары өз каалоосу боюнча колдоно алышы үчүн, анын ичинде аны Жабдуучу тарабынан белгиленген Белек картасын колдонуу мөөнөтүндө башкаларга белекке бере алышы үчүн белгилүү бир сумманы Жабдуучунун пайдасына төлөө фактысын каттайт. Мында товарды берүү же кызмат көрсөтүү акы төлөнбөстөн жүргүзүлөт, анткени бардык төлөм Белек картасын сатып алууда алдын ала төлөнөт;

1.2.2. **Колдонуучу** – Төлөөчү же Белек картасына ээлик кылган башка адам.

**2. Белек карталарын жайгаштыруу жана берүү шарттары.**

2.1. Оператор Жабдуучуга Оператордун колдонмосунда Белек карталарын жайгаштырууга мүмкүндүк берүүчү техникалык ресурстарды берет. Мында Белек картасы милдеттүү түрдө: товардын/кызмат көрсөтүүнүн категориясын, товардын/кызмат көрсөтүүнүн аталышын, товарды/кызмат көрсөтүүнү берүү шарттарын, товарды/кызмат көрсөтүүнү баяндоону, товардын/кызмат көрсөтүүнүн наркын, Белек картасын колдонуу мөөнөтүн (күндөр менен), Колдонуучу Белек картасын колдонуу менен товарды/кызмат көрсөтүүнү алууга укуктуу болгон Жабдуучунун филиалдарынын/сатуу түйүндөрүнүн тизмесин камтууга тийиш.

2.2. Оператор Колдонуучуларга Оператордун тиркемесинде Белек карталарын номиналда же Жабдуучунун конкреттүү товарына/кызмат көрсөтүүсүнө жана Жабдуучу өз алдынча белгилеген колдонуу мөөнөтүнө тандоо мүмкүнчүлүгүн берет.

2.3. Белек картасы боюнча товарларды берүүгө/кызматтарды көрсөтүүгө байланышкан бардык өз ара мамилелер түздөн-түз Жабдуучу менен Колдонуучунун ортосунда болот. Оператор товарды/кызмат көрсөтүүнү берүүчү болуп саналбайт, ошондой эле товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын начардыгына жана/же Белек картасынын жараксыздыгына карата Колдонуучулардын талаптарын кабыл алууга жана канааттандырууга Жабдуучу тарабынан ыйгарым укук берилген адам болуп саналбайт.

2.4. <u>Жабдуучу милдеттенет:</u>

2.4.1. Белек картасын колдонуу мөөнөтүнүн ичинде Белек карталары чыгарылган санга барабар санда товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү резерв кылып коюуга;

2.4.2. Белек картасын колдонуу мезгилинде Колдонуучу Белек картасын көрсөткөндө Белек картасында көрсөтүлгөн товарды/кызмат көрсөтүүнү дароо берүүгө;

2.4.3. Белек карталары көрсөтүлгөндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык сатууга тыюу салынбаган жана чектелбеген товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сатууга;

2.4.4. Белек карталарын товардын жарактуулук мөөнөтүнөн ашпаган мөөнөткө берүүгө;

2.4.5. Баа тартибин сактоого:

- товарды/кызмат көрсөтүүнү Белек картасын сатып алуу учурунда белгиленген жана анда көрсөтүлгөн баада сатууга;
- Белек картасы боюнча товарды/кызмат көрсөтүүнү сатып алуу менен кошумча товарларды сатып алууга/кошумча кызмат көрсөтүүлөрдү алууга шарт койбоого;

- Белек картасы боюнча алынуучу товарга/кызмат көрсөтүүлөргө Белек картасында көрсөтүлгөн баадан тышкары үстөк бааларды (башка кошумча бааларды) колдонбоого;
- Белек картасы боюнча товардын/кызмат көрсөтүүнүн баасын өзүнүн филиалдарындагы/сатуу түйүндөрүндөгү ага окшош товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына салыштырмалуу жогорулатпоого.

2.4.6. Ушул Тиркемеде белгиленген милдеттенмелер сакталбаган учурда ушул Тиркеменин 4-бөлүмүндө каралган жоопкерчиликти тартууга;
2.4.7. Белек картасын колдонууга/колдонбоого байланыштуу келип түшкөн бардык маселелер, даттануулар жана доо-талаптар боюнча өз алдынча жоопкерчилик тартууга жана буга Операторду тартпоого, анын ичинде финансылык жактан тартпоого;
2.4.8. Операторго финансылык зыян келтириши мүмкүн болгон иш-аракеттерди жеке өзү же үчүнчү жактардын катышуусу менен жасабоого;
2.4.9. Колдонуучуларды адаштырууга алып келүүчү жагдайдын пайда болушун жокко чыгаруучу бардык чараларды колдонууга.
2.5. <u>Оператор милдеттенет:</u>
2.5.1. Оператордун тиркемесине Белек карталарын жайгаштыруу үчүн Жабдуучуга функционалга кирүү мүмкүнчүлүк ачууга;
2.5.2. Колдонуучуларга Оператордун тиркемесинде Белек карталарын тандоо мүмкүнчүлүгүн берүүгө;
2.5.3. Жабдуучу тарабынан Белек карталарын сатууда Колдонуучулардан төлөмдү кабыл алууга жана ушул Тиркеменин 3-бөлүмүнүн шарттарында Жабдуучуга которууга.
2.6. <u>Оператор укуктуу:</u>
2.6.1. Белек карталарын түзүүдө Жабдуучу тарабынан киргизилген маалыматты модерациялоону жүзөгө ашырууга, модерациялоодон өтпөгөн Белек карталарын жарыялоодон баш тартууга;
2.6.2. Белек карталарын сатып алуу боюнча төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү үчүн Жабдуучудан сый акыны жана мөөнөтү бүткөн Белек карталарынан түшкөн кирешенин бөлүгүн ушул Тиркеменин 3-бөлүмүнүн шарттарында алууга;
2.6.3. Жабдуучунун Оператор алдында карызы пайда болгон учурда, ошондой эле Жабдуучу тарабынан ушул Тиркемеде каралган милдеттенмелер бузулган учурда, Жабдуучунун Белек карталарын берүүнү алдын ала эскертүүсүз блокировкалоого;
2.6.4. Бул Тиркеменин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенге чейин 10 (он) жумуш күндөн кем эмес убакыттын ичинде Жабдуучуга жазуу жүзүндө же болбосо башка жеткиликтүү байланыш каналдары аркылуу (анын ичинде Жабдуучунун жеке кабинетиндеги мобилдик тиркеме аркылуу) электрондук түрдө кабарлоо аркылуу бул Тиркеменин финансылык шарттарын бир тараптуу өз алдынча аныктоого, анын ичинде өзгөртүүгө болот. Эгерде бул Тиркеменин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенден кийин Жабдуучу бул Тиркеме жана/же Келишим боюнча Оператордун кызмат көрсөтүүлөрүн колдонууну улантса, бул Тиркеменин финансылык шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор Жабдуучу тарабынан кабыл алынды деп эсептелет.

## 3. Финансылык шарттар.

3.1. Тараптар Жабдуучу Операторго аткарылган операция боюнча акча каражаттары Жабдуучунун эсептешүү эсебине чегерилген күнү, ар бир Белек картасы үчүн кабыл алынган ар бир төлөмдөн салыктарды эске алуу менен Акцептте белгиленген өлчөмдө Жабдуучунун кошумча макулдугусуз Жабдуучунун тиешелүү суммаларынан Оператордун сый акысын кармап калуу укугун берүү жөнүндө макулдашышты. Ушул Тиркеме боюнча Оператордун сый акысы Келишимде жана Келишимдин башка тиркемелеринде белгиленген Оператордун сый акысына кошумча алынат.
3.1.1. Оператор Акцептте көрсөтүлгөн сый акынын өлчөмүн ушул Тиркеменин 2.6.4 пунктуна ылайык өзгөрткөн учурда, Оператордун сый акысынын өлчөмү тиешелүү кабарлоолордо көрсөтүлөт.

3.2. Төлөмдөрдү которуу, эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү Актыларын берүү мөөнөттөрү, салыштырып текшерүү жол-жобосу жана Тараптардын эсептешүү тартиби Келишимдин шарттары менен аныкталат.
3.3. Белек картасын колдонуу мөөнөтү аяктаган учурда, негиздерине карабастан, бул Белек картасынын наркы (Белек картасы пайдаланылбаган учурда – толук өлчөмдө, же жарым – жартылай пайдаланылган учурда – Белек картасынын наркынын калдыгы) ушул Тиркеменин 3.1 пунктуна ылайык Оператор тарабынан мурда алынган сый акыны эске алуу менен Тараптардын ортосунда бирдей үлүштө бөлүштүрүлүүгө тийиш. Оператордун үлүшү Жабдуучу тарабынан Белек картасынын колдонуу мөөнөтү аяктаган учурдан тартып 5 (беш) жумуш күндүн ичинде (эгерде Акцептте башкача белгиленбесе) Операторго которулууга тийиш. Оператордун үлүшү келечектеги төлөмдөрдүн эсебине да чегерилиши жана Оператор тарабынан талашсыз тартипте кармалышы мүмкүн, же Оператор көрсөтүлгөн суммага эсеп-дүмүрчөк берет, аны Жабдуучу Келишимдин алкагында жакынкы эсептешүү айынын жыйынтыгы боюнча төлөөгө тийиш.

**4. Тараптардын жоопкерчилиги.**
4.1. Ушул Тиркемеде каралган өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Тараптар Келишимге, ушул Тиркемеге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
4.2. Белек картасынын жарактуулугу, аны колдонуу мөөнөтү үчүн Жабдуучу өз алдынча жоопкерчилик тартат.
4.3. Белек картасын накталоо маселеси боюнча чечимди Жабдуучу өз алдынча кабыл алат жана ал үчүн жоопкерчилик тартат.
4.4. Белек картасын колдонуу маселеси боюнча Колдонуучулардын ар кандай доо-талаптары Жабдуучу тарабынан өз алдынча каралат жана Оператор Белек карталарын жайылтууга байланыштуу маселелер боюнча Колдонуучулар жана үчүнчү жактар тарабынан коюлган доо-талаптарды карабайт жана жоопкерчилик тартпайт.
4.5. Жабдуучу көрсөтүлгөн Белек картасы боюнча Колдонуучуга товарды бербеген/кызмат көрсөтпөгөн учурда, анын себептерине карабастан, Жабдуучу Операторго ал Белек картанын наркынын өлчөмүндө айып төлөп берүүгө милдеттүү. Оператор көрсөтүлгөн айыпты Жабдуучуга тиешелүү төлөмдөрдөн талашсыз тартипте кармап каларына Жабдуучу макул болот.
4.6. Жабдуучу Белек карталары боюнча маалыматтарды, ошондой эле Белек карталары аркылуу сатып алуу үчүн Жабдуучу тарабынан сунушталган товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн ассортименти, баалары, мүнөздөмөлөрү, сатууда бар же жок экендиги жөнүндө маалыматтарды жарыялоодо маалыматтын тууралыгы үчүн жана товар/кызмат көрсөтүү жөнүндө башка маалыматтар үчүн өз алдынча жоопкерчилик тартат.
4.7. Жабдуучу Колдонуучуга карата милдеттенмелерди аткарбагандыгы жана/же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартат. Эгерде Колдонуучуга товар/кызмат көрсөтүү берилбесе же сапаты начар товар/кызмат көрсөтүү берилсе жана анын кесепетинде Колдонуучу (үчүнчү жактар) чыгым (зыян) тартса, анда Жабдуучу ошол чыгымды (зыянды) Колдонуучуга (үчүнчү жактарга) түздөн-түз толук өлчөмдө өз алдынча төлөп берүүгө (ордун толтурууга) милдеттенет. Эгерде доо-талаптардын суммасы же айыптык санкциялар соттун же ыйгарым укуктуу органдын чечими боюнча Оператордон өндүрүлсө, анда Жабдуучу бул сумманы, анын ичинде бардык келип чыккан соттук чыгымдарды Операторго талашсыз тартипте, Оператордун жазуу жүзүндөгү талабын алгандан кийин 5 (беш) жумуш күндүн ичинде төлөп берүүгө милдеттенет.

**5. Башка шарттар.**
5.1. Бул Тиркеме Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ушул Тиркеме менен козголбогон башка бардык жоболор Келишимде бекитилген редакцияда күчүндө калат жана

ушул Тиркеме менен жөнгө салынбаган башка бардык жоболор Келишимдин шарттарына ылайык жөнгө салынат жана Тараптар алар боюнча өз милдеттенмелерин тастыкташат.

5.2. Бул Тиркемени Оператор менен Жабдуучунун ортосунда биргелешкен ишмердүүлүк боюнча агенттик мамилелерди жана ушул Тиркемеде түздөн-түз каралбаган башка мамилелерди түзүү катары түшүнүүгө болбойт.

5.3. Ушул Тиркеме боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу тартиби Келишимдин шарттары менен жөнгө салынат.

5.4. Бул Тиркеменин шарттары Жабдуучу тарабынан кабыл алынат жана Жабдуучу тарабынан Акцепке электрондук түрдө жана/же кагаз жүзүндө кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет, эгерде бул Акцептте ушул Тиркеменин 3.1 пунктуна ылайык Жабдуучуга тиешелүү суммалардан кармалуучу Оператордун сый акысынын өлчөмү белгиленсе, болбосо бул Тиркеменин шарттары Оператор менен Жабдуучунун ортосундагы өз ара мамилелерге жайылтылбайт.